Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин Too

№ 7 (3079)

WWW.ERKINTOO.KG

Жума, 2020-жылдын 24-январы

## МЭН ХУНВЭЙДИН ЖАЗАСЫ

*Кытайдын коомдук коопсуздук министринин мурдагы орун басары, Интерполдун экс-директору Мэн Хунвэй жалпы суммасы 2 млн долларга жакын пара алгандыгы үчүн 13,5 жылга эркинен ажыратылып, 2 миллион юань айып салынды. Соттун чечимине макул болгон Хунвэй апелляциялык арыз жазуудан баш тартты.*

## НУРБОЛОТ МИРЗАХМЕДОВ

*Өзгөчө кырдаалдар министрлигин жетектеп келген Нурболот Мирзахмедов Өкмөттүн Жалал-Абад облусундагы жаңы өкүлү болуп дайындалды. 23-январда аны облустун активине биринчи вице-премьер-министр Кубатбек Боронов таныштырып кайтты.*

## ДОНАЛЬДДАРДАН ЭМНЕ КЕП?

*Жети өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын жарандары үчүн АКШга кирүүгө чектөө каралып жаткандыгы тууралуу кабар чагылгандай тарады. Бул тууралуу президент Дональд Трамп Давос форумунда билдирген. 23-январда Бишкектеги басма сөз жыйынында Тышкы иштер министри Чыңгыз Айдарбеков: "Айтылган маалыматты Кыргызстандын ТИМине чакырылган америкалык элчи Дональд Лу тастыктаган жок", - деди.*

# ӨКМӨТТҮН ПЛАНЫ – АБСТРАКТУУ ДОКУМЕНТ ЭМЕС

*Ал түшүнүктүү жана айкын болушу, натыйжа бериши керек. Бул тууралуу Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев 2019-жылдагы иш пландардын аткарылышы талкууланган кеңешмеде билдирди.*

2-БЕТТЕ



## КЫРГЫЗСТАНДЫН 126-ОРУНУ

*Эл аралык Transparency International уюму 2019-жылдагы коррупция деңгээли боюнча рейтинг жарыялады. 180 өлкөнүн арасында Кыргызстан 126-орунга жайгашты.*

## ПАМИРДЕ ЖАШОО УШУНДАЙ...

*"Кыргызстандагы жашоо-шартка нааразы болгондорду Памирге жиберүү керек", - деди 23-январда өткөн парламенттик жыйында Жогорку Кеңештин вице-спикери Мирлан Бакиров. Ал Памирдеги кыргыздарга колдоо көрсөтүү боюнча мамлекеттик программа иштеп чыгууну сунуштады.*

## ЧЫМЫРКАН, ЧЫКЫРООН АЯКТААРЫНА АЗ КАЛДЫ

*Бүгүн өлкөбүздүн тоолуу аймактарына кар түшөт, дыйканчылык зоналарында жана Бишкекте жаан-чачын күтүлбөйт. Күндүз +7...+9 градуска чейин жылуу болот.*

# ЭКИ ИШ КҮНДҮН ИЧИНДЕ “БАЛАГА СҮЙҮНЧҮ” ЖӨЛӨКПУЛУ ТӨЛӨНӨТ

***22-январда Президент Сооронбай Жээнбеков Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министри Улукбек Кочкоровду кабыл алды.***

Жолугушууда 2020-жылды Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы деп жарыялоо жөнүндө Жарлыкты ишке ашыруу боюнча чаралар талкууланды. Президент Жарлыкты ишке ашыруунун алкагында артыкчылыктуу тартипте эки багытка — социалдык кызматтарды көрсөтүү ишин автоматташтырууга жана үй-бүлө институтун колдоого багытталган балдарды жана балалыкты социалдык жактан натыйжалуу коргоону камсыздоого көңүл бурулушу керектигин өзгөчө белгиледи.

Мамлекет башчысы социалдык жактан коргоого алынбаган категориядагы жарандарды, татаал турмуштук жагдайга кабылган балдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерди колдоонун жаңы механизмдерин жана ыкмаларын иштеп чыгуунун зарылдыгына көңүл бурду. Көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын жакшыртуунун жана балдарды асыроонун эң эле ачыктыгын камсыз кылуунун маанисин белгиледи.

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министри Улукбек Кочкоров калкты жана эмгек тармагын социалдык коргоо системасын санариптештирүү, балдарды, анын ичинде коомдун социалдык-аярлуу катмарларын колдоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу айтып берди. Бүгүнкү күндө эки автоматташтырылган база — «Социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасы» жана «Эмгек рыногунун маалыматтык системасы» толук кандуу иштеп жатат.

Министрликте бала төрөлгөндө бир жолку «Балага сүйүнчү» жөлөкпулун берүү жол-жобосу жеңилдетилип, толугу менен автоматташтырылган. Жөлөкпулдун мындай түрү «бирдиктүү терезе» принциби менен берилүүдө — бала төрөлгөндө электрондук арыз толтурулуп, эки иш күндүн ичинде «Балага сүйүнчү» төлөнүп берилет.

# ӨЛКӨНҮН КАЛКЫН КАТТОО ЭЛЕКТРОНДУК ФОРМАТТА ӨТКӨРҮЛӨТ

***21-январда Президент Сооронбай Жээнбеков Улуттук статистика комитетинин төрагасы Акылбек Султановду кабыл алды.***

Жолугушууда Акылбек Султанов ошондой эле КМШ мамлекет башчыларынын Кеңешинин «КМШ мамлекеттеринде 2020-жылдын раундунун калкты каттоону жүргүзүү жөнүндө» чечиминин алкагында калкты каттоого даярдыктар жөнүндө айтып берди.

Улуттук статистика комитетинин төрагасы калкты каттоо толугу менен электрондук форматта мобилдик тиркеменин жардамы менен өткөрүлүп, Дүйнөлүк банк тарабынан иштелип чыккан «Survey Solutions» программасы колдонуларын кошумчалады.

Жаз айында калк каттоого 25 миңге жакын адам тартылып, Кыргызстандын аймагында 500дөн ашуун каттоо бөлүмдөрү жана 4 миңге жакын инструктордук участкалар ачылат.

Президент Сооронбай Жээнбеков калк жөнүндө маалыматтарды жыйноо жана алынган маалыматтарды иштеп чыгууну сапаттуу жүргүзүү зарылдыгын баса белгиледи. Калкты каттоо өлкөнүн жарандарынын социалдык-экономикалык чыныгы абалын көрүүгө, ар кандай багыттарда мамлекеттик саясатты ишке ашырууга баа берип, кемчиликтерди аныктоо мүмкүнчүлүгүн берээрин белгиледи.

Президент Сооронбай Жээнбеков статистикалык маалыматтарды чогултууну жана иштеп чыгууну толугу менен электрондук форматка өткөрүүнү камсыз кылуу зарылдыгына дагы бир жолу токтолду. Ошондой эле өлкөнүн аймактарынын социалдык-экономикалык абалы боюнча актуалдуу статистикалык маалыматтарды түзүү иштерин күчөтүү керектигин баса белгиледи.

## ЭКИ ӨЛКӨНҮН ТОПОГРАФИЯЛЫК ЖУМУШЧУ ТОПТОРУ ЖОЛУГУШУУЛАРДЫ ӨТКӨРӨТ

***Кыргызстан менен Тажикстандын топографиялык жумушчу топтору биргелешкен жолугушууларды өткөрөт. Бул максатта Тажикстандын делегациясы иш сапар менен Бишкекке келди.***

Белгилей кетсек, эки өлкөнүн топографиялык топторуна 2020-жылдын 1-мартына чейинки мөөнөттө Кыргызстандын Баткен облусундагы Баткен району менен Тажикстандын Исфара шаарынын ортосундагы бир нече жерден окшош жана аянты бирдей тилкелерди өз ара алмашуу боюнча макулдашылган варианттарды иштеп чыгуу тапшырмасы берилген.

## БАЛДАРДЫ КОРГОО КҮЧӨТҮЛҮП, АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ УЛАНТЫЛАТ

***23-январда Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев 2019-жылы министрликтердин жана ведомстволордун иш планын аткаруунун жыйынтыгын чыгаруу боюнча кеңешмеде бир катар багыттар боюнча иштин жакшыруусуна карабастан, министрликтердин жана ведомстволордун иш планында жана мамлекеттик органдардын жетекчилеринин жеке пландарында көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруу жетишсиз деңгээлде экендигин белгиледи.***

Өкмөт башчысынын пикиринде, планды бекитүүдөн мурда тапшырма кандай аткарылып, кандай конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө шарт түзөөрүн терең талдоо кажет. Ыкчам түрдө ар бир мамлекеттик орган үчүн эки же үч конкреттүү жана практикалык милдеттер менен Өкмөттүн артыкчылыктуу милдеттерин аткарууну тапшырды.

«2018-жылдан бери жүргүзгөн системалуу ишибиздин жыйынтыгын мамлекеттин экономикасында жана кирешесинде көрсөтүшүбүз керек. Буга байланыштуу биз коюлган максаттарга жетишүү үчүн ишти мүмкүн болушунча мобилизациялоого тийишпиз. Тигил же бул жетекчини жазалоо максат эмес, биз анын ишинин конкреттүү жыйынтыгын алышыбыз абзел. Салыктык жол-жоболорду фискалдаштыруу принциптерин киргизүүдөн жана мамлекеттик органдардын ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуудан жакшы натыйжага жетишебиз деп турабыз. Муну менен бирге балдарды коргоо иштери күчөтүлүп, аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү иш-чаралары улантылат», - деди Мухаммедкалый Абылгазиев.

## ЧЕК АРАДАГЫ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРДЫ АЗАЙТУУ ТАПШЫРМАСЫ БЕРИЛДИ

***Вице-премьер-министрлер Жеңиш Разаков жана Замирбек Аскаров мамлекеттик чек аранын кыргыз-казак тилкесиндеги кырдаалы менен таанышып, жүк ташуучулар менен жолугушту.***

Казак тараптын кошумча текшерүү боюнча бир тараптуу кабыл алган чараларынын жыйынтыгында Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы «Ак-Тилек автожол» өткөрүү жайынынын жанында оор жүк ташуучу автоунаалар топтолуп калууда.

«Ушул жылдын башында «Ак-Тилек» көзөмөл-өткөрүү жайы аркылуу товарларды жана жүктөрдү ташып өтүүдөгү кырдаал татаалдашты. Биз кырдаалды өзгөчө көзөмөлдөп жатабыз. Жылдын суук мезгилинде чек арада убактылуу чектөө абалы түзүлгөнүнө байланыштуу жүк ташуучуларга шарт түзүү үчүн чатырлар тигилип, акысыз ысык чай берилүүдө. Мамлекеттик органдардын Казакстандын тийиштүү органдары менен сүйлөшүү процесси улануулда», - деди вице-премьер-министр Жеңиш Разаков.

Жүк ташуучулар менен жолугушуунун жыйынтыгында тармактык мамлекеттик органдарга кыргыз-казак чек арасынан өтүүдө туш болгон кыйынчылыктардын кесепеттерин азайтуу, жаралган маселелерди чечүү жана көзөмөл-өткөрүү жайы аркылуу өтүүдөгү бардык шарттарды түзүү тапшырмасы берилди жана кыска мөөнөттүн ичинде сервистик пункттун материалдык-техникалык базасын жабдуу, видеокөзөмөл камераларын орнотуу, сервистик пункттун ишинин тартибин, регламентин бекитүү жана бул тууралуу жүк ташуучуларга маалымдоо тапшырмасы берилди.

**Даярдаган**
**Асел БАРЫКТАБАСОВА**

■ Тышкы саясатта тыным жок

## Чыңгыз АЙДАРБЕКОВ:

# “ПРЕЗИДЕНТТИН БЫЛТЫРКЫ САПАРЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ БЫЙЫЛ ЖҮЗ БЕРЕТ”

***Кечээ Тышкы иштер министри Чыңгыз Айдарбеков журналисттер үчүн пресс-конференция уюштуруп, былтыркы жылдын жыйынтыгын чыгарды.***

“Кыргыз Республикасы прагматикалык көп векторлуу өлкө, андыктан тең салмактуу тышкы саясатын жүргүзүү принциптерин карманабыз. Президенттин Жарлыгы менен 2019-жылы тышкы саясат боюнча жаңы концепция кабыл алынган. Биринчи жолу 12 жылдан бери чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык кызматкерлер менен кеңешме өткөрдүк. Анын максаты – улуттук кызыкчылыктарды алдыга жылдыруу. Элчиликтердин Кыргызстанга инвестицияларды тартуу, экспорттун көлөмүн көбөйтүү, туризмди өнүктүрүү, соода-экономикалык ишмердүүлүк багыттары эске алынат. Тышкы иштер министрлигинде экономикалык дипломатия боюнча жаңы департамент түзүлдү. Мында Кыргызстанга каражат тартуу багыты көбүрөөк эске алынат. Былтыркы жыл Кыргызстандын тышкы иштери боюнча үзүрлүү, жемиштүү жылы болду. Көптөгөн маанилүү иш-чаралар өткөрүлдү. Президенттин ар бир тышка чыккан сапарлары боюнча иш-пландар түзүлүп, аткарылат, аны Тышкы иштер министрлиги көзөмөлдөйт. 2019-жылы Президенттин катышуусу менен эл аралык сапарлардын саны 138 болду, ал эми 2018-жылы ал 83 болгон. Быйылкы мерчемделген сапарлардын саны былтыркыдан да көбүрөөк болот.

Былтыр Президент Германияга барып, анын алкагында биринчи жолу Бавария федералдык аймагында болуп, ири ишкана жетекчилери менен жолугушуп, инвесторлорду Кыргызстанга тартууга аракет кылды. Ал жерде жалпысынан 1 млрд 90 млн евродон ашык инвестиция тартууга колдор коюлган. Анын үзүрү катары быйыл Бавариядан ири ишканалардын жетекчилери, бизнесмендер, премьер-министринин орун басары чоң делегация менен Кыргызстанга келишет. Алардын айрым ишканалары, мисалы “Смит” корпорациясы Кыргызстанга келип, өз заводун ачып, күн батареяларын чыгарып, экспортко чыгарат. Мындан сырткары, 100 млн доллардык долбоорлорду ишке ашырып жатабыз. Ага технопарк, санариптик дата борбору жана айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү иштери кирет.

Андан кийин Президент Швейцария өлкөсүнө барып 9 долбоорго кол коюп келген. Алар Кыргызстанга 9 млн доллар бөлүп, медициналык борбор куруу ниетин билдиришкен. Андан кийин Президент Азербайжанга барып, Түрк кеңешинин жыйынына катышты. Ал жерде биргелешкен сейил бак жана мектеп куруу боюнча макулдашылган. Быйыл буюрса Азербайжан Республикасынын Президентинин Кыргызстанга расмий сапарынын алкагында сейил бактын жана мектептин ачылышы болот. Түрк кеңешине төрагалыкты былтыр Кыргызстан жемиштүү аткарган. Андан кийин Президент Тажикстан Республикасынын Президенти менен биринчи жолу чек ара сызыгында - Исфарада жолугушуп, чек араларды тактоо боюнча келишимге келишкен. Ушул тапта жерлерди алмашуу боюнча процесстер жүрүп жатат. Бул абдан чоң жылыш.

Былтыр мамлекеттик сапар менен үч мамлекеттин башчылары Кыргызстанга келип кетишти. Россия Федерациясынын Президенти В.Путин келип, региондор аралык, окуу жайлар жана бизнес форумдары болуп, бүгүнкү күнү көптөгөн иштер аткарылып жатат. Кытай Эл Республикасынын төрагасы Си Цзиньпин келип, биринчи жолу экспорт боюнча келишимдерге кол коюлган. Анын алкагында биз айыл чарба продукцияларынын 4 түрүн Кытайга экспорттой баштадык. Казакстан Президенти Касым-Жомарт Токаев келип, актуалдуу жана келечеги чоң келишимдерди талкуулашкан”, -деди тышкы иштер министри Чыңгыз Азаматович.

Андан соң журналисттер министрге суроолорду берип, жоопторун алышты.

**Сымбат МАКСУТОВА**

■ Жыйын

# АТ-БАШЫГА САЛЫНЧУ ЛОГИСТИКАЛЫК БОРБОРДУН КАЙТАРЫМЫ КӨП БОЛОТ

***"Ат-Башыга логистикалык-индустриалдык борбор курулат" дегенден бери жергиликтүү тургундар ортосунда кайчы пикирлер жаралды. Айрымдары "салынсын" деп кубаттаса, кээ бири борбордун келечегинен күмөн санап, Ат-Башы экологиялык жактан зыян тартып калаарын айтышууда. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тоолуу аймакта түшүндүрүү иштери жүрүп жатканын буга чейин айтышкан, бирок соцтармак тынчый элек. Мындан улам Нарындын мурдагы губернаторлору баштаган аткаминер, ишкерлери чогулуп жыйын өткөрүштү. Эске салсак, 2019-жылдын этегинде өкмөт башчысы Мухаммедкалый Абылгазиев Ат-Башы районуна барып индустриалдык-соода-логистикалык борбордун пайдубалына капсула салып келген. Борбор Ат-Башы районунан 40 чакырым, Нарын облусунун борборунан 85 чакырым алыстыктагы аймакка курулганы жатат.***

Эмилбек Абдыкадыров

Аскар Салымбеков

Чолпонкул Арабаев

### ИНВЕСТОРЛОР ТУУРАЛУУ

Борборду кура турчу инвестор — "Ат-Башы Кыргыз-Кытай эркин соода аймагы" ЖЧКсы. Анын негиздөөчүлөрүнүн бири "Нур Строй Монтаж" компаниясынын жетекчиси Эмилбек Абдыкадыров, ал эми кытай тараптан One Lead One (HK) Trading Limited компаниясынын жетекчиси Лю Инь.

Долбоордун сметалык баасы 280 миллион АКШ долларын түзөт. Логистикалык борборду курууга "Нарын" эркин экономикалык аймагы инвесторлорго 176 гектар жерди 49 жылга ижарага берген. Азыркы тапта инвесторлор ижара акысынын 43 миллионго чукул сомун төлөгөн.

"Нур Строй Монтаж" компаниясынын жетекчиси Эмилбек Абдыкадыровдун айтымында, One Lead One (HK) Trading Limited компаниясынын жетекчиси Лю Индин Кытайда бир топ бизнеси бар.

"Кытай инвестору Лю Инь жакында эле Кыргызстанга кагаз чыгара турган 3 миллион долларга завод куруп бүттү. Ал буга чейин өкмөт өкүлдөрү менен сүйлөшүү болгондо "Логистикалык борборду салыш үчүн эч кандай насыя албайм, 280 миллион долларды өз чөнтөгүмөн чыгарам" деп айткан. Кытай инвесторунун максаты — Орто Азиядагы логистикалык борборлорго окшош эмес, жогорку-технологиядагы завод-фабрикаларды куруу болуп жатат", — деди "Нур Строй Монтаж" компаниясынын жетекчиси Эмилбек Абдыкадыров.

Инвесторлордун долбоорун атбашылык ишкер Аскар Салымбеков колдойт. Анын айтымында, буга чейин да Ат-Башыга терминал курууга аракеттер болуп, бирок ишке ашпай калган.

"Индустриалдык-соода-логистикалык борборду чылгый эле кытайлар курбайт. Ал жакка Германия, Франция, Белоруссиядан бир нече компания завод-фабрика салууга кызыкдар болуп жатыптыр. Убагында губернатор болуп турганда Нарында бир топ инвест-форумдар өттү. Анда да бул маселе көтөрүлүп, Ат-Башыга логистикалык борбор сыяктуу терминал куруу сунушталган, бирок оюбуз ишке ашпай калган. Дайыма эле инвесторду качыра бербей аларга мүмкүнчүлүк берип көрөлү", — деди ишкер Аскар Салымбеков.

Нарын облусунун биринчи губернатору Кемел Ашыралиев жер кытай тарапка сатылбаганын айтып, алар жөн гана түз инвестиция кылып жатканын түшүндүрүп берди.

"Кытайлар кирип, кайра чыкпай калчудай кооптонуунун кереги жок. Эң башкысы — жер сатылган жок, жер Кыргызстандыкы. Кокус инвесторлор мыйзамды буза турган болсо, аларга чоң сүйлөй алабыз. Анткени жер биздики. Алар жөн гана түз инвестиция салып жатат. Болгону бул маселеде юридикалык жактарын жакшылап караш керек. Биз деле кол куушуруп жөн отурган жокпуз, аракет кылып жатабыз. Юридикалык маселелерин карап чыгуу үчүн атайын жумушчу топ түздүк", — деди К.Ашыралиев.

"Баары мыйзамдын чегинде болушу керек. Бирок биздин мыйзамдар чийки. Алар бири-бирине карама-каршы келет. Ошондуктан келишимди жакшылап карап, эл аралык деңгээлдеги юристтерди бул ишке тартуу зарыл. Мисалы, жер 49 жылга ижарага берилип жатат. 49 жылды 5, 10 кылып бөлүп алып, 5 жылдын ичинде эмне куруп, элди кандай жумуш менен камсыз кыла турганын тактап алган оң. Инвесторлордун азыркы айтып жаткандары ишке ашса, баары жакшы болот. Эл өкмөт, расмий өкүлдөргө көбүрөөк ишенет. Ошондуктан өкмөттүн кепилдиги болбосо дагы, бул боюнча бийлик көбүрөөк маалымат айтып турушу керек. Инвестор тууралуу маалымат ачык болсо, элде күмөн ойлор жаралбайт болчу", — деди юридикалык илимдердин доктору Чолпонкул Арабаев.

Жергиликтүү тургундарды түйшөлткөн дагы бир маселе — экология. Инвесторлор бул маселени да чечип койгонун айтышты.

"Жарыкты биз күн батареяларынан алабыз. Ал эми канализациянын сууларын чыпкалоого заманбап суу фильтрлери коюлат. Эл завод-фабрика салынса, андан илгеркидей түтүн чыгат деп ойлоп жатат. Бирок бул соода-индустриалдык борборго жогорку технологияларды өндүргөн ишканалар салынганы жатат. Мурдагыдай түтүн чыккан завод эмес, жогорку технологиядагы фабрикалар салынат.

### ЛОГИСТИКАЛЫК БОРБОР ЭМНЕ СЕБЕПТЕН АТ-БАШЫ АЙМАГЫНА КУРУЛУП ЖАТАТ

"Биринчиден, Ат-Башы району "эркин экономикалык аймагы" деген статуска ээ. Бажы кодексинин 245-беренесине ылайык, мындай аймактан чыккан продукцияны ЕАЭБ өлкөлөрүнө бажы төлөмүн кошпой сата алабыз. Экинчиден, 2015-жылы Кыргызстан менен Кытай мамлекеттеринин ортосунда чек арадагы суук, бийик тоолуу райондорду өнүктүрүү боюнча сөз болгон. Ошол критерий да эске алынып, логистикалык борбор Ат-Башыга курулуп жатат", — деп түшүндүрдү Абдыкадыров.

Инвесторлор курулуш иши 2020-жылдын апрель айында башталаарын айтты. План боюнча логистикалык борбор сегиз жылдын ичинде курулуп бүтөт.

**Карбалас БАКИРОВ**

## «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУНУН 2019-ЖЫЛГА БЮДЖЕТИ ЖАНА 2020-2021-ЖЫЛДАРГА БОЖОМОЛУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылга бюджети жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., № 1,14-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-беренеде «15030944,1» деген цифралар «15720544,3» деген цифраларга алмаштырылсын;

2) 6-бөлүгүнүн 1-пунктунда «10852341,7» деген цифралар «11129175,1» деген цифраларга алмаштырылсын;

3) «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылга бюджети жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 1, 3, 4, 5 жана 6-тиркемелер ушул Мыйзамдын 1, 3, 4, 5 жана 6-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы №8***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О БЮДЖЕТЕ ФОНДА ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ НА 2019 ГОД И ПРОГНОЗЕ НА 2020-2021 ГОДЫ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 декабря 2019 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О бюджете Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики на 2019 год и прогнозе на 2020-2021 годы» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2019 г., № 1, ст. 14) следующие изменения:

1) в статье 1 цифры «15030944,1» заменить цифрами «15720544,3»;

2) в пункте 1 части 1 статьи 6 цифры «10852341,7» заменить цифрами «11129175,1»;

3) приложения 1, 3, 4, 5 и 6 к Закону Кыргызской Республики «О бюджете Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики на 2019 год и прогнозе на 2020-2021 годы» изложить в редакции согласно приложениям 1, 3,4, 5 и 6 к настоящему Закону.

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, №8***

## 2019-ЖЫЛДЫН 13-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «КЕРБЕН ШААРЫНДА СУУ МЕНЕН ЖАБДУУ ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯ СИСТЕМАСЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ ЖАНА 2019-ЖЫЛДЫН 13-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «КЕРБЕН ШААРЫНДА СУУ МЕНЕН ЖАБДУУ ЖАНА КАНАЛИЗАЦИЯ СИСТЕМАСЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО» ДОЛБООРУНА ЕВРОПА БИРЛИГИ ТАРАБЫНАН БЕРИЛҮҮЧҮ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ГРАНТ БОЮНЧА ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

2019-жылдын 13-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Кербен шаарында суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу жана 2019-жылдын 13-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Кербен шаарында суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо» долбооруна Европа бирлиги тарабынан берилүүчү инвестициялык грант боюнча гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкына жогоруда көрсөтүлгөн макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы, № 10***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РЕАБИЛИТАЦИЯ СИСТЕМЫ ВОДОСНАБЖЕНИЯ И КАНАЛИЗАЦИИ В ГОРОДЕ КЕРБЕН», ПОДПИСАННОГО 13 СЕНТЯБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК, И ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ОТНОСИТЕЛЬНО ИНВЕСТИЦИОННОГО ГРАНТА ОТ ЕВРОПЕЙСКОГО СОЮЗА, ПРЕДОСТАВЛЯЕМОГО ПО ПРОЕКТУ «РЕАБИЛИТАЦИЯ СИСТЕМЫ ВОДОСНАБЖЕНИЯ И КАНАЛИЗАЦИИ В ГОРОДЕ КЕРБЕН», ПОДПИСАННОГО 13 СЕНТЯБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 декабря 2019 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития по проекту «Реабилитация системы водоснабжения и канализации в городе Кербен», подписанное 13 сентября 2019 года в городе Бишкек, и Грантовое соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития относительно инвестиционного гранта от Европейского Союза, предоставляемого по проекту «Реабилитация системы водоснабжения и канализации в городе Кербен», подписанное 13 сентября 2019 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Европейский банк реконструкции и развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, №10***

## 2019-ЖЫЛДЫН 13-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «ИСФАНА ШААРЫНДА СУУ МЕНЕН ЖАБДУУ СИСТЕМАСЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ ЖАНА 2019-ЖЫЛДЫН 13-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «ИСФАНА ШААРЫНДАГЫ СУУ МЕНЕН ЖАБДУУ СИСТЕМАСЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО» ДОЛБООРУНА ЕВРОПА БИРЛИГИ ТАРАБЫНАН БЕРИЛҮҮЧҮ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ГРАНТ БОЮНЧА ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

2019-жылдын 13-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Исфана шаарында суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу жана 2019-жылдын 13-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Исфана шаарындагы суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо» долбооруна Европа бирлиги тарабынан берилүүчү инвестициялык грант боюнча гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкына жогоруда көрсөтүлгөн макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы, № 11***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РЕАБИЛИТАЦИЯ СИСТЕМЫ ВОДОСНАБЖЕНИЯ В ГОРОДЕ ИСФАНА», ПОДПИСАННОГО 13 СЕНТЯБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК, И ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ОТНОСИТЕЛЬНО ИНВЕСТИЦИОННОГО ГРАНТА ОТ ЕВРОПЕЙСКОГО СОЮЗА, ПРЕДОСТАВЛЯЕМОГО ПО ПРОЕКТУ «РЕАБИЛИТАЦИЯ СИСТЕМЫ ВОДОСНАБЖЕНИЯ В ГОРОДЕ ИСФАНА», ПОДПИСАННОГО 13 СЕНТЯБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 декабря 2019 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития по проекту «Реабилитация системы водоснабжения в городе Исфана», подписанное 13 сентября 2019 года в городе Бишкек, и Грантовое соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития относительно инвестиционного гранта от Европейского Союза, предоставляемого по проекту «Реабилитация системы водоснабжения в городе Исфана», подписанное 13 сентября 2019 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Европейский банк реконструкции и развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, №11***

■ Өткөн жылга кылчайып...

# САНАРИПТЕШТИРҮҮ ЖАГЫНАН УЛУТТУК БАНКТЫН ИШИ АЛГЫЛЫКТУУ

***Быйылкы 2020-жылды Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбековдун Жарлыгы менен "Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнүү санариптештирүү жана балдарды коргоо жылы" – деп жарыялоо менен үчүнчү жыл катары менен өлкөнү санариптештирүүгө көңүл бөлүнүүдө. Бул кокустук эмес. Анткени, өлкөнүн коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүн ыңгайлаштырууда жана ареттештирүүдө санариптештирүүнүн ролу эбегейсиз. Бирок, ал кыска мөөнөттө бүткөрүлө койчу жумуш эмес, андыктан санариптештирүүгө тынымсыз көңүл буруу зарылдыгынын себеби ушул болушу керек. Анткени менен саналуу жылдар аралыгында санариптештирүүнүн ыңгайлуулугун, жемишин калкыбыз байкай баштады десек жаңылышпайбыз. Буга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жылдары санариптештирүү багытында аткарган иштери жана учурдагы жетишкендиктери далил боло алат.***

## МААЛЫМАТ БОРБОР – САНАРИПТИК МЕЙКИНДИККЕ ЖОЛ

Өткөн жумада, КР Президенти Сооронбай Жээнбековдун катышуусунда КР Улуттук банкы тарабынан санариптик кайра жаралууга жана тийиштүү маалыматтык инфраструктураны чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо, маалыматтарды талдоо үчүн маанилүү аспекти боло алган Маалыматтарды иштеп чыгуу борбору (Датаборбору) ишке киргизилди.

Маалыматтарды иштеп чыгуу борбору компьютердик жабдууну жайгаштыруу жана анын иштеши үчүн дайындалган. Ал төлөм жана соода системаларынын, мамлекеттер аралык төлөмдөр жана эсептешүүлөр системаларынын ишин камсыз кылуу, банктык көзөмөл жүргүзүүнүн алкагында банктык отчетторду алуу жана иштеп чыгуу, электрондук документтерди жүргүзүү, "Түндүк" ведомстволор аралык өз ара иштешүү системасы аркылуу маалымат алмашууну уюштуруу, банктын ички операциялык иши үчүн системаларды ж.б. камсыз кылуу сыяктуу Улуттук банктын негизги тапшырмаларын аткаруу үчүн колдонулат.

Аталган борбор Орто Азиядагы мындай ишенимдүү жана үзгүлтүксүз иштөө (Tier III стандарты) деңгээлине ээ биринчи объект болуп саналат жана ал бүткүл дүйнөдө таанылган Uptime Institute эл аралык көз карандысыз уюмунун сертификаты менен тастыкталган.

Улуттук банктын Маалыматтарды иштеп чыгуу борбору Кыргыз Республикасынын маалыматтык-санариптик мейкиндигин куруунун маанилүү бөлүгү болуп калмакчы.

## САНАРИПТЕШТИРҮҮ КРЕДИТТЕРДИ ТЕЗ АЛУУГА КӨМӨКТӨШӨТ

Өлкөнүн коммерциялык банктары жана төлөм системасынын операторлору тарабынан санариптик платформалардын жана инструменттердин негизинде финансылык технологиялар тармагында жаңы продукттар колдонулууда. Алар өлкөнүн аймактарында банктык жана төлөм кызматтарын колдонууну кеңейтүүгө багытталган. Кредиттик продукттарды берүүдө айрым коммерциялык банктар кардардын катышуусун талап кылбаган аралыктык жана ыңгайлуу тейлөөгө багытталган жөнөкөй электрондук кол коюу боюнча процессти киргизишкен. Кредиттик тапшырыкты онлайн-тариздөө мүмкүнчүлүгү аркылуу тез арада (экспресс) кредиттер берилет. Анын жардамы менен "ошол жерде, ошол замат" буйрутмасын тариздөөгө жана турмуш-тиричиликтик техникаларды, электрониканы жана эмеректерди сатып алуу үчүн акча каражатын алууга мүмкүнчүлүк берет. Интернет-банкинг, мобилдик банкинг, ошондой эле ар кыл мобилдик тиркемелер аркылуу кредиттерди тындыруу эсебине төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча каналдар жакшыртылган.

## АЙМАКТАРДА НАК ЭМЕС ТӨЛӨМДӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ ШАРТТАР ТҮЗҮЛҮҮДӨ

Банктар тарабынан нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн жогорулатуу үчүн банк инфраструктурасын өркүндөтүү боюнча активдүү иштер жүргүзүлгөн.

2020-жылдын 1-январына карата 1 712 банкомат, 11 114 POS-терминал жана 1 827 төлөм терминалы орнотулган. Бул 2019-жылдын 1-январындагы маалыматтарга салыштырганда, банкоматтардын саны 129 даанага, POS-терминалдардын саны 1 068 даанага жана төлөм терминалдарынын саны 221 даанага көбөйгөндүгүнөн кабар берет. Мындан тышкары, коммерциялык банктар 2020-жылдан баштап 2022-жылга чейин 514 банкомат, 3 951 POS-терминал жана 1 421 төлөм терминалдарын алып келүүнү пландаштырууда. Ошондой эле банктарда жана төлөм системаларынын операторлорунда төлөмдөрдү кабыл алуу жана иштеп чыгуу боюнча процессинг иш алып барат. Ал мобилдик тиркемелердин, төлөм терминалдарынын, кассалардын, агенттик тармактардын, мобилдик жана интернет банкингдин жардамы менен кызмат берүүчүлөрдү интеграциялоого жол берет жана кардарлардын кызматтарды берүүчүлөргө төлөп берүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Азыркы учурда интернет-банкинг кызматтарын бардык коммерциялык банктар көрсөтүүдө.

## НАКТАЛАЙ ЭМЕС ТӨЛӨӨ ИНСТРУМЕНТТЕРИ КҮЧҮНДӨ

Бүгүнкү күндө электрондук акча эмитенттеринен болуп тогуз коммерциялык банк иш алып барат. 2019-жылдын башталышынан тартып электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү улануунда. 2019-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча электрондук капчыктардын саны 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда дээрлик 1,6 эсеге көбөйүп, 1,9 млн ашык капчыкты түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 2018-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 1,4 эсеге өсүү менен 1,8 млрд сомду түзгөн.

Акча каражаттарын тез арада жана ишенимдүү которуу үчүн банктар тарабынан ыңгайлуу шарттар түзүлүп жатат. Айтсак, кардарлар башка өлкөлөргө аралыктан акча каражаттарын жөнөтүүгө, мобилдик тиркеменин жардамы менен каражат которууга, башка өлкөнүн төлөм уюмдары аркылуу биздин өлкөнүн банктарынын кардарларынын эсептерине сом менен төлөмдөрдү жүргүзүүгө болот. Калктын мамлекеттик, муниципалдык жана билим берүү, медицина чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрүнүн акыларын, ошондой эле айып пулдарды төлөөнүн жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү максатында коммерциялык банктар накталай эмес түрдө төлөө үчүн инструменттерди сунушташууда.

## АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ АРАКЕТИ

Алыскы калктуу конуштарда кассалык тейлөөнү андан да кеңири жайылтуу үчүн коммерциялык банкттар Улуттук банктын туунду ишканасы – «Кыргыз инкассациясы» ЖАК менен биргеликте өлкөнүн алыскы региондорунда жашаган калкты барып тейлөө үчүн көчмө кассалар менен камсыздоо боюнча пилоттук долбоор төмөнкү үч областта ишке ашырылган: 2019-жылдын май айынын акырынан тартып Жалал-Абад областында, июнь айынан тартып – Ош областында жана июль айынан тартып – Нарын областында.

Бул долбоордун алкагында 127 айылда банктын кассирлеринин катышуусунда кызмат көрсөтүлүп, 30 64 570 сом өлчөмүндө 212 282 адам акча каражатын алган.

## ЭЛИБИЗ "ЭЛКАРТ" УЛУТТУК КАРТТАРЫНЫН ҮЗҮРҮН КӨРҮҮДӨ

2020-жылдын 1-январына карата карттардын жалпы саны 3,0 млн.го жакын көрсөткүчкө жетип, анын ичинен «Элкарт» төлөм карттарынын саны 1,6 млн даананы түзгөн. «Элкарт» төлөм карттарынын саны 2019-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчүнө салыштырганда 33,3 пайызга, ал эми 2019-жылдын башталышынан тартып 368 328 даанага өскөн.

«Элкарт» карты аркылуу нак эмес эсептешүүлөр көлөмүн арттыруу максатында, 2018-жылдын 31-майынан тартып, Ош шаарында «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКтын Персонализация борбору иштеп баштаган. Бул түштүк регионуна карттарды жеткирүү жана аларды ээлерине тапшыруу мөөнөтүн алда канча кыскартууга өбөлгө түзгөн.

**«Элкарт» улуттук төлөм картына төмөнкүлөр которулган:**

- *дээрлик бардык бюджеттик мекемелердин эмгек акылары;*
- *социалдык төлөөлөр – 175,9 миң адам;*
- *пенсия акылары – 371 000 адам (пенсионерлеринин жалпы санынан 55 пайызы);*
- *бюджеттик уюмдарда "бюджеттик каражаттарды алуучу" карты колдонулат.*

"Элкарт" улуттук карттын ээлери үчүн "Элкарт Мобайл" тиркемеси иштелип чыккан. Бул тиркеме мобилдик телефондун балансын толтурууга, коммуналдык кызматтарды, салык ж.б. төлөмдөрдү жүргүзүүгө, баланстын эсебин карап көрүүгө, бир карттан экинчи картка акча которгонго, QR-кодун пайдалануу менен төлөмдөрдү жасоого мүмкүндүк берүүдө. "Элкарт" убакытты кыйла үнөмдөйт. Анткени, бир нече секунддун ичинде мобилдик телефон боюнча бул сервис аркылуу дээрлик бардык операцияларды жүргүзүүгө болот. Android же IOS базасындагы смартфонуна ээ болгон Элкарт картынын ар бир ээси телефонуна "Элкарт Мобайл" тиркемесин акысыз киргизип алса болот. Бүгүнкү күндө 83 миңден ашуун пайдалануучулар "Элкарт Мобайл" тиркемесинин активдүү колдонуучулары болуп эсептелет.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

## 2019-ЖЫЛДЫН 10-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН САУД ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ «АЙЫЛДЫК РАЙОНДОРДО СУУ МЕНЕН ЖАБДУУ ЖАНА САНИТАРИЯ СИСТЕМАЛАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**
2019-жылдын 10-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Сауд өнүктүрүү фондунун ортосундагы «Айылдык райондордо суу менен жабдуу жана санитария системаларын өнүктүрүү» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте Сауд өнүктүрүү фондуна жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы, №12***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И САУДОВСКИМ ФОНДОМ РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РАЗВИТИЕ СИСТЕМ ВОДОСНАБЖЕНИЯ И САНИТАРИИ В СЕЛЬСКИХ РАЙОНАХ», ПОДПИСАННОГО 10 СЕНТЯБРЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 26 декабря 2019 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Саудовским фондом развития по проекту «Развитие систем водоснабжения и санитарии в сельских районах», подписанное 10 сентября 2019 года в городе Бишкек.
**Статья 2**
Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Саудовский фонд развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, №12***

## 2018-ЖЫЛДЫН 8-НОЯБРЫНДА АСТАНА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2002-ЖЫЛДЫН 7-ОКТЯБРЫНДАГЫ ЖАМААТТЫК КООПСУЗДУК ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ УЮМУНУН УКУКТУК СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ЭКИНЧИ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**
2018-жылдын 8-ноябрында Астана шаарында кол коюлган 2002-жылдын 7-октябрындагы Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун укуктук статусу жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Экинчи протокол ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюмунун катчылыгына жогоруда көрсөтүлгөн Экинчи протокол Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланганы жөнүндө кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы, №13***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ВТОРОГО ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В СОГЛАШЕНИЕ О ПРАВОВОМ СТАТУСЕ ОРГАНИЗАЦИИ ДОГОВОРА О КОЛЛЕКТИВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ ОТ 7 ОКТЯБРЯ 2002 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 8 НОЯБРЯ 2018 ГОДА В ГОРОДЕ АСТАНА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 декабря 2019 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Второй протокол о внесении изменений в Соглашение о правовом статусе Организации Договора о коллективной безопасности от 7 октября 2002 года, подписанный 8 ноября 2018 года в городе Астана.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Секретариат Организации Договора о коллективной безопасности о ратификации Кыргызской Республикой вышеуказанного Второго протокола.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, №13***

## 2018-ЖЫЛДЫН 28-СЕНТЯБРЫНДА ДҮЙШӨМБҮ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШУУЧУ-МАМЛЕКЕТТЕРДИН МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫЛМЫШТАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮДӨГҮ КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2019-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**
2018-жылдын 28-сентябрында Дүйшөмбү шаарында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу-мамлекеттердин маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү кылмыштарга каршы күрөшүүдөгү кызматташтыгы жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 21-январы, №14***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О СОТРУДНИЧЕСТВЕ ГОСУДАРСТВ-УЧАСТНИКОВ СОДРУЖЕСТВА НЕЗАВИСИМЫХ ГОСУДАРСТВ В БОРЬБЕ С ПРЕСТУПЛЕНИЯМИ В СФЕРЕ ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ, ПОДПИСАННОГО 28 СЕНТЯБРЯ 2018 ГОДА В ГОРОДЕ ДУШАНБЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 12 декабря 2019 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение о сотрудничестве государств-участников Содружества Независимых Государств в борьбе с преступлениями в сфере информационных технологий, подписанное 28 сентября 2018 года в городе Душанбе.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Исполнительный комитет Содружества Независимых Государств о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

***г. Бишкек, 21 января 2020 года, № 14***

## КЫРГЫЗЫМДЫН АТЫ ЧЫКСЫН ДҮЙНӨГӨ

Күндөр өтүп барган сайын алыстап,
Көңүл чаппай, бутум барат чалыштап.
Бул турмуштун кайда барат багыты,
Оо жараткан өзүң айтчы калыстап.

Көп адамдар түштү байлык артынан,
Кыргызымдын аттап алар салтынан.

Бул көрүнүш жакшы жолго үндөбөйт,
Суранамын андай кылба жалпыңдан.

Кайда калган ток пейилдүү калкыбыз,
Барган сайын кетип барат баркыбыз.
Орун алып боор үшүтөөр бир топ иш,
Башка элдерге чыгып барат даңкыбыз.

Учурунда эсибизди жыялы,
Жаман ишке баргандарды тыялы.
Кыргызымдын аты чыксын дүйнөгө,
Мезгил өзү келип калган сыягы.

**Жетиген БАКИРОВ,**
**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматына эмгек сиңирген кызматкер**

## КАРАКОЛ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫН ЖАНА РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 19-беренелерине, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-1-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобосуна, аймактык шайлоо комиссияларынын резервине келип түшкөн документтерди кароо боюнча Жумушчу топтун 2020-жылдын 21-январындагы чечимине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, коомдук бирикмелерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарына (жергиликтүү кеңештерге) 2019-жылдын 12-ноябрындагы кайрылуусунун, Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө Каракол шаардык кеңешинин токтомунун, саясий партиялардын протоколдорунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамына саны аймактык шайлоо комиссиясы боюнча мүчөлөрүнүн мыйзамда белгиленген санынан ашпаган саясий партиялардын талапкерлери 1-тиркемеге ылайык киргизилсин.

**2**. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын талапкерлеринен 2-тиркемеге ылайык резерв түзүлсүн.

**3**. Аймактык шайлоо комиссияларынын резервине келип түшкөн документтерди кароо боюнча Жумушчу топтун 2020-жылдын 21-январындагы чечимине ылайык резерванен Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын талапкерлери 3-тиркемеге ылайык киргизилсин.

**4.** Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамынын мүчөлөрү 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**5**. Бул токтом Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамын, резервин жана дарегин «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г. Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2020-жылдын 22-январы, №9***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 22-январдагы №9 токтомуна 1-тиркеме*

### Ысык-Көл облусу

### Каракол шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын курамына чүчүкулак өткөрүлбөй киргизилген саясий партиялардын өкүлдөрү

| № | Фамилиясы.Аты.Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1 | Эсентуров Ырысбек Маратбекович | "Мекеним Кыргызстан" саясий партиясы |
| 2 | Аманбаев Темиркул Сабырович | "Мекен Ынтымагы" саясий партиясы |
| 3 | Жуманалиев Тилек Курманбекович | "Кыргызстан" саясий партиясы |
| 4 | Омокеева Токтокан | "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясы |
| 5 | Абдуллаева Инабад Алымжановна | "Замандаш" саясий партиясы |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 22-январдагы №9 токтомуна 2-тиркеме*

### Ысык-Көл

### Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Фамилиясы.Аты.Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1 | Аманбаев Темиркул Сабырович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2 | Амантурова Чинара Кыдыкбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3 | Арсарова Майрам | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4 | Асаналиева Венера Айылчиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5 | Асанбекова Тынара Керезовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6 | Атантаева Жыпаркүл Идирисовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7 | Баймуратов Зарылбек Исакович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8 | Дюшеев Таштанбек Ишенбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 9 | Имангазиева Эльвира Имангазиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 10 | Исаев Токтобек Исаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 11 | Кадыракун уулу Калысбек | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 12 | Касмалиев Асанбек Чотоевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 13 | Нурдинов Арслан Нурдинович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 14 | Омуракунов Марат Калиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 15 | Орозакунова Бактыгуль Кенешовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 16 | Сартова Айсулуу Орозбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 17 | Сатыбалдиева Джамиля Усуповна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 18 | Усенов Сулайман Усенович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 19 | Чымыров Эрмек Уркалиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 20 | Шадыманова Айзада Муратбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 21 | Шоруков Нурдин Замирович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 22-январдагы №9 токтомуна 3-тиркеме*

### Ысык-Көл

### Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамына киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү

| № | Фамилиясы.Аты.Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1 | Амантурова Чинара Кыдыкбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2 | Асаналиева Венера Айылчиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3 | Атантаева Жыпаркүл Идирисовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4 | Баймуратов Зарылбек Исакович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5 | Исаев Токтобек Исаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6 | Омуракунов Марат Калиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7 | Чымыров Эрмек Уркалиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 22-январдагы №9 токтомуна 4-тиркеме*

### Ысык-Көл облусу

### Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын курамына киргизилген талапкерлер

**Дареги: Каракол ш., Тыныстанова көчөсү, 21, тел: 0 (3922) 52710**

| № | Фамилиясы.Аты.Атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1 | Амантурова Чинара Кыдыкбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2 | Асаналиева Венера Айылчиевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3 | Атантаева Жыпаркүл Идирисовна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4 | Баймуратов Зарылбек Исакович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5 | Исаев Токтобек Исаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6 | Омуракунов Марат Калиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7 | Чымыров Эрмек Уркалиевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8 | Эсентуров Ырысбек Маратбекович | "Мекеним Кыргызстан" саясий партиясы |
| 9 | Аманбаев Темиркул Сабырович | "Мекен Ынтымагы" саясий партиясы |
| 10 | Жуманалиев Тилек Курманбекович | "Кыргызстан" саясий партиясы |
| 11 | Омокеева Токтокан | "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясы |
| 12 | Абдуллаева Инабад Алымжановна | "Замандаш" саясий партиясы |

мамлекеттик расмий гезити Эркин Too

Суу – өмүр булагы

# СУУ ЧАРБА ТАРМАГЫНДАГЫ ДОЛБООР АЙ АЛГЫЛЫКТУУ САЛЫМ КОШУУДА

***Суу чарба тармагында ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан Айыл чарба жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча Глобалдык программа тарабынан каржыланып, Дүйнөлүк банк тарабынан башкарылып жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги тарабынан ишке ашырылып жаткан "Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу" долбоорунун жетекчиси, техника илимдеринин доктору Бейшекеев Кыдыкбек Каниметовичке жолугуп, аткарылып жаткан алгылыктуу иштер боюнча кеңири маалымат алдык.***

Долбоордун жетечиси Бейшекеев Кыдыкбек Каниметович

**- Кыдыкбек Каниметович, суу чарба тармагында Дүйнөлүк банк буга чейин да бир нече долбоорлордун ишке ашырылышын колго алып келген. Мына ошол долбоорлордун алкагында кандай иштер жасалганы тууралуу кыскача маалымат бере кетсеңиз?**

- Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, Кыргызстанда агрардык жер реформасы жүргөндөн кийин союз учурундагы колхоз, совхоз деген чарбалык түзүлүштөр жоюлуп, анын ордуна дыйкан чарбалар түзүлүп, мурунку колхоз, совхоздордун менчигинде турган ички сугат тармактары ээсиз калган. Мына ушул ээсиз калган ички чарбалык деңгээлдеги каналдар 1997-жылдан баштап республикабызда жаңы түзүлө баштаган Суу пайдалануучулар ассоциацияларына (СПА) өткөрүлүп бериле баштаган. Буга чейин мындай бирикмелер болгон эмес, ал коомдук бирикме болуп, сууну башкарууда ар бир суу пайдалануучу бирикменин ишине ачык-айкын катышууга мүмкүндүк алган. Суу пайдалануучулар ассоциациялары жөнүндө мыйзам 2001-жылы кабыл алынгандан тартып, мыйзамдын негизинде суу пайдалануучулардын ишине шарт түзүп, колдоо көрсөтүү максатында Дүйнөлүк банк өлкөбүздүн суу чарба тармагына 2001-жылдан баштап биринчи жолу "Ички чарбалык сугат" долбооруна 28 млн АКШ доллар эсебинде каражат бөлгөн. Бөлүнгөн каражаттарга 63 суу пайдалануучулар ассоциацияларынын ички чарбалык ирригациялык инфраструктурасын толук көлөмдө ондоп, калыбына келтирип, долбоорду 2007-жылы аяктаганбыз.

Андан кийин, 20,55 млн АКШ долларын түзгөн экинчи "Ички чарбалык сугат" долбоору 2007-жылы башталып, 2013-жылы аяктаган. Жыйынтыгында 30 СПАнын ички чарбалык каналдары калыбына келтирилген.

Бул долбоордон кийин 15 млн АКШ долларын түзгөн экинчи "Ички чарбалык сугат долбоорун кошумча каржылоо" долбоору 2011-жылдан тартып 2016-жылдын декабрь айына чейин ишке ашырылган. Жыйынтыгында, 18 СПАнын сугат тармактары ондолуп берилди.

Ал эми СПАлардын институционалдык дараметин жогорулатуу максатында 7,75 млн АКШ долларын түзгөн гранттык каражаттар "Улуттук суу ресурстарын башкаруу" долбоорунун 1-фазасын ишке ашырууга бөлүнүп, 2014-жылдын 29-апрелинен тартып 2019-жылдын 30-июнуна чейин иштеген.

Жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын суу чарба комплекстерин жана суу ресурстарын башкарууну жакшыртуу максатында, ошондой эле бирдиктүү суу саясатын жүргүзүү жана Суу кодексин ишке ашыруу максатында долбоордун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги түзүлгөн; 270 СПАнын ички чарбалык ирригациялык түйүндөрү инвентаризацияланган; суу боюнча маалыматтык системасы түзүлгөн, суу боюнча маалыматтык системасынын 5 онлайн базасы жана Кыргызстандын 5 негизги дарыялык бассейндеринин модели иштелип чыккан, ошондой эле СПАлардын, облустук жана райондук СПАларды колдоо бөлүмдөрүнүн адистери 10 тема боюнча окутулган.

**- Бүгүн биз сөз кыла турган негизги долбоордун максатына жана ишмердүүлүгүнө, аткарылган иштерине, жетишкендиктерине кеңири токтолсоңуз?**

- Биздин "Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу" долбоору 2016-жылдын 14-сентябрынан тартып ишке ашырыла баштаган. Жалпы наркы 38 млн АКШ долларды түзүп, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн, азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу жана өлкөнүн айрым аймактарындагы айыл жеринде жашаган калктын толук кандуу тамактануусун жакшыртууга багытталган.

Долбоордун максаты сугат тармагындагы кызматтарды көрсөтүү процессин жакшыртуу; ички чарбалык деңгээлде ирригациялык жана дренаждык инфраструктураны калыбына келтирүү; суу пайдалануучулар ассоциацияларынын жана дыйкандардын суу ресурстарын башкаруусун андан ары өнүктүрүү; айыл чарба тармагында кеңеш берүү кызматтарын көрсөтүү; тамак-аш тармагындагы негизги иш-чараларды өркүндөтүү болуп саналат.

Долбоор 3 негизги компоненттти ишке ашыруу аркылуу максатына жетет.

1-компонент: Ирригациялык жана дренаждык инфраструктураны калыбына келтирүү жана модернизациялоо.

2-компонент: Айыл чарбалык кеңеш берүү кызматтары.

3-компонент: Азыктануунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралар.

4-компонент: Долбоорду башкаруу.

Жогоруда айтып өткөн "Ирригациялык жана дренаждык инфраструктураны калыбына келтирүү жана модернизациялоо" компонентинин алкагында 30 СПАнын башкаруусунда турган, 60 миң гектардай сугат аянтын учурда тейлеген ирригациялык жана дренаждык системаларды калыбына келтирүү жана модернизациялоо боюнча курулуш иштерин жүргүзүү; СПАларга жана СПА Бирликтерине техникалык кызмат көрсөтүү үчүн негизги жабдууларды берүү; райондук суу чарба башкармалыктарынын көзөмөлүндө турган 6 пилоттук чарба аралык каналда чектелген мүнөздөгү калыбына келтирүү иштери жүргүзүү каралган.

Учурда 30 СПАнын ичинен 3 СПАда (Талас облусуна караштуу Манас районундагы "Береке-С" (1161 га), Жалал-Абад облусуна караштуу Ала-Бука районундагы "Сулайман-Суу" (2442 га) жана Ноокен районундагы "Таймөнкү" (1317 га) СПАларында калыбына келтирүү иштери толугу менен аяктап, колдонууга берилсе, азыркы кезде жалпы тейленүүчү аянты 30 448 гектарды түзгөн 12 СПАнын ички чарбалык ирригациялык жана дренаждык түйүндөрүндө калыбына келтирүү иштери кызуу жүрүп жаткан учур. Ал эми 3 СПАда курулушту уюштуруу иштери жүрүп жатса, калган 12 СПА боюнча техникалык документтер даярдалууда.

Ал эми келишимдердин наркы 24,17 млн сомду түзгөн чектелген мүнөздөгү калыбына келтирүү иштери 3 пилоттук чарба аралык ирригациялык түйүндөрүндө (Чүй облусунун "Совхозный" каналы, Талас облусунун "Чоң Талас" каналы жана Ысык-Көл облусунун "Комсомол" каналы) аяктаса, калган 3 пилоттук чарба аралык каналдарында (Жалал-Абад облусунун "Левая Магистраль", Ош облусунун "Араван-Акбуура" жана Баткен облусунун "Кожо-Кайыр" каналдары) көзөмөлдөп-өлчөөчү жана сууну берүүнүн эсебин алуучу жабдууларды орнотуу боюнча калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүүдө.

Мындан сырткары, кредиттик негизде 30 СПА жана 2 СПА Бирликтери үчүн жалпы суммасы 86,56 млн сомду түзгөн жер казуучу техника-экскаваторлор сатылып алынып, СПАларга жана СПА Бирликтерине жеткирилип берилди.

Ал эми "Айыл чарбалык кеңеш берүү" компонентинин алкагында сугат жерлердин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана базарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү максатында тандалып алынган 60 айылдык аймакта СПАлардын мүчөлөрүнө айыл чарбалык кеңештер берилет.

**Учурда компонент төмөнкүлөрдү каржылоодо:**

- *ирригациялык жана дренаждык тутумдарды калыбына келтирүү үчүн тандалып алынган 30 СПАнын айыл чарбасын өнүктүрүү пландарын даярдоо жана башкаруу, ошондой эле пландарды ишке ашырууга керек болгон сатып алуулар жараяны, кеңеш берүү кызматтарынын жана товарлардын келишимдерин түзүү жана аларды башкаруу максатында окутууларды өткөрүү жана колдоо көрсөтүү;*
- *калыбына келтирүү иштери үчүн тандалып алынган 30 СПАга 30 000 АКШ долларга чейинки кичи гранттарды берүү;*
- *пайда табуучулардын кеңири топтору үчүн билимди андан ары жайылтуу максатында кошумча кеңеш берүү кызматтарын көрсөтүү;*
- *30 жанаша жайгашкан айыл аймактардагы СПАлардын мүчөлөрүнө айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу, маркетинг жана агротехнологиялар боюнча окутууларды өткөрүү;*
- *суу ресурстарынын ички чарбалык башкаруу ыкмаларын көрсөтүү.*

2019-жылдын жыйынтыгы боюнча аталган 2-компоненттин иш-чараларынын ичинен айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча СПАнын өзүнө микро-насыяларды, бюджеттерди, сатып алуулар пландарын, тендердик документтерди, жаңыртылып туруучу үрөн жана жер семирткичтерди, айыл чарба техникаларын жана жабдууларды эксплуатациялоо, башкаруу жана техникалык тейлөө документтерин, катышуучулардын тизмеси менен протоколдорду камтыган 30 пландын ичинен 16 планы иштелип чыккан.

Алардын ичинен 15 гранттык келишимге кол коюлду. Жалпысынан 6 СПА тендерлерди ийгиликтүү өткөрүп, келишимдерге кол коюшкан. Ал эми Нарын облусуна караштуу Жумгал районундагы «Токтомуш» СПАсы тендер өткөрүп, 30 миң АКШ долларлык кичи гранттын эсебинен өткөн жылдын ноябрь айынын аягында айыл чарба техникаларын алышты.

Ошондой эле, 2019-жылы компоненттин алкагында окутууларды, кеңеш берүүлөрдү жана талаа күндөрүн өткөрүү үчүн 36 көргөзмө талаалары тандалып алынган. Жалпы 2018-2019-жылдары 65 көргөзмө талаасы түзүлгөн. Алар үчүн 30 тамчылатып сугаруу, 209 "Томсон" жана 113 "Чиполетти" суу ченеген жана 65 жер нымын ченеген жабдыктар 97 миң долларга сатылып алынып, таратылып берилди. Мына ушул түзүлгөн көргөзмө талааларда агротехнология жана ирригация боюнча өткөрүлгөн окутууларга СПАнын 3418 мүчөсү, алардын ичинен 843 аял катышты. Жалпысынан агрономия боюнча 102 жана ирригация боюнча 51 талаа күнү өткөрүлүп, пилоттук СПАлардын мүчөлөрүнө 183 кеңештер берилди.

2019-жылдагы социалдык мобилизация боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында долбоордун 2-мерчеминде өлкө боюнча бардыгы болуп 3344 фермер тартылып, анын ичинен 2717 аял (81% ) катталды. Пилоттук жана коңшу айылдарда



# ЫЛ ЧАРБАСЫНА

364 өз ара жардамдашуу топтору (ӨЖТ) түзүлгөн. Долбоордун 1-2-мерчеминдеги ӨЖТнын мүчөлөрүнө колдоо көрсөтүү максатында бөлүнгөн каражаттын эсебинен алардын жеке жер тилкелерине айдоо жана себүү үчүн ӨЖТнын мүчөлөрүнүн талаптарына жараша сертификацияланган жашылча жана тоют үрөндөрү таратылып берилди. 2019-жылы 1-мерчемдин 344 ӨЖТ мүчөсү жеке чарба өндүрүмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн долбоордон кичи жабдууларды алышты. Аларды атап айтсак: кургаткыч шкафтар (85 даана), туннелдик парниктер (11 даана), кичи парниктер (1568 даана) жана тамчылатып сугаруу (533 даана) системалары. 2-компоненттин окутуу жана кеңеш берүү боюнча компаниялары 2019-жылы өлкө боюнча 16875 мүчө/күн окутууларды өткөргөн, анын ичинен 14013ү аялдар. Ал эми 2019-жылдын ноябрь айында өткөрүлгөн социалдык мобилизациянын алкагында долбоордун 3-мерчемине 2754 фермер тартылып 369 ӨЖТ түзүлдү. Жалпысынан долбоордун башталышынан тартып бардыгы болуп 9000 мүчөнү камтыган 1077 ӨЖТ түзүлгөн.

**- Кыдыкбек Каниметович, менин билишимче, сиздер ишке ашырып жаткан долбоордун буга чейинки долбоорлордон айырмаланган багыты бар. Ал азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу, ошондой эле калктын азыктануусунун сапатын жогорулатууга, тамактануунун сапатын жакшыртууга жана аз кандуулукту алдын алууга багытталган. Долбоордун ошол уникалдуу багыты боюнча маалымат бере кетсеңиз?**

- Туура белгиледиңиз. Биздин долбоордун суу чарба тармагындагы буга чейинки башка долбоорлордон айырмачылыгы бул айыл чарбасына, азык-түлүк коопсуздугуна жана тамактануунун сапатынын жакшырышына багытталгандыгында турат.

“Азыктануунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралар” компонентинин максаты: азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу, 60 айыл аймактардагы үй чарбаларынын максаттуу бенефициарларынын азыктануусунун сапатын, тамактануу жана аз кандуулукту алдын алуу боюнча билимдерин жакшыртуу, азык-түлүк коопсуздугу жана сапаттуу тамактануу боюнча иш-чараларды көзөмөлдөө.

Компоненттин бенефициарлары болуп 5 жашка чейинки балдар, 12ден 17 жашка чейинки өспүрүм кыздар жана 18ден 49 жашка чейинки аялдар жана кош бойлуулар эсептелет.

3-компоненттин алкагында төрт кичи компонент катарлаш ишке ашырылууда. Алар:

3.1 кичи компоненти. Толук кандуу азыктануу маселелерин окутуу аркылуу үй чарбаларынын деңгээлинде азыктануунун сапатын жакшыртуу.

3.2 кичи компоненти. Микроэлементтерди берүү.

3.3 кичи-компоненти. Менчик участоктордун эсебинен үй чарбалардын азыктануусунун сапатын жакшыртуу.

3.4 кичи-компоненти. Азык-түлүк коопсуздугун жана азыктануу камсыздоону улуттук деңгээлде башкарууну жакшыртуу.

3-компоненттин алкагында 60 айыл аймактын жашоочуларынын ар түрдүү тамактануусу боюнча маалымдуулугун жогорулатууга жана 6-24 айдагы балдарга темир камтыган дарыны, кош бойлуу аялдарга темир жана фолий кычкылын камтыган дарыны берүү боюнча иш-чаралар аткарылат. Ошондой эле, 60 айыл аймактын калкы жана саламаттыкты сактоо адистери толук баалуу тамактануу боюнча окутуу программалары менен камсыз болушат.

Ушул эле компоненттин алкагында калкка тамактануу боюнча үгүтнасаат иштери “Кыргызстан Айылдык ден соолук комитеттери” Ассоциациясы жана саламаттыкты сактоо кызматкерлерин окутуу үчүн тренингдер "Үй-бүлөлүк дарыгерлер адистери” коомдук бирикмеси тарабынан жүзөгө ашырылат.

Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте макулдашылган коомдук жүрүм-турум моделдерин өзгөртүү стратегиясы иштелип чыккан жана кабыл алынган. Ал калкты маалымдоого, иш-чараларды пландоого жана аларды ишке ашырууга багытталган.

Мындан сырткары, долбоордун талаа координаторлору жана активисттери балдардын жана энелердин толук баалуу тамактануусу жана аз кандуулукту алдын алуу маселелери боюнча тренингдерден өтүп, андан ары долбоордун максаттуу айылдык аймактарында Айылдык ден соолук комиттеринин ыктыярчыларына маалымат берип, элге маалымат таратышат.

2018-2019-жылдардын жыйынтыгы боюнча жогоруда аталып өткөн темалар боюнча 2426 Айылдык ден соолук комитеттеринин ыктыярчылары мобилизацияланган жана окутулган. Ыктыярчылар долбоордун 18 пилоттук жана 18 жанаша жайгашкан айыл аймактарында жашаган айыл тургундарына маалымат таратышкан.

2019-жылы, жыл сайын өткөрүлүүчү, эмчек эмизүүнү колдоого багытталган Эл аралык жумалыкка карата 9 максаттуу (Баткен, Жалал-Абад, Ош, Ысык-Көл, Нарын, Талас жана Чүй областтары) жана 9 жанаша жайгашкан АА акциялар жергиликтүү элдин, өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин өкүлдөрүнүн катышуусунда жана колдоосу аркасында өткөрүлгөн.

Ошондой эле, долбоор тарабынан буга чейин пилоттук жана жанаша жайгашкан айылдык аймактардын медицина кызматкерлери окутулуп келсе, 2019-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын 40 клиникалык ординаторлору “Эрте курактагы балдардын тамактануусу”, “Өспүрүм кыздардын жана төрөт курагындагы аялдардын тамактануусу жана аз кандуулук маселелери” боюнча окутулду. Жалпысынан, “Эрте курактагы балдардын тамактануусу” боюнча өткөрүлгөн 24 семинарда 448 медициналык кызматкер жана “Өспүрүм кыздардын жана төрөт курагындагы аялдардын тамактануусу жана аз кандуулук маселелери” боюнча өткөрүлгөн 24 семинарда 442 медициналык кызматкер окутулду.

Жыйынтыгында, окутуудан өткөн медициналык кызматкерлер толук баалуу тамактануу жана аз кандуулукту алдын алуу боюнча кеңешме берип келишүүдө.

Өзүңүздөр билгендей, саламаттыкты сактоо кызматкерлерин окутууда жана элге маалымат таркатууда маалыматтык билим берүүчү жана шыктандыруучу материалдар кеңири колдонулат. Биздин долбоор дагы ушул багытта Саламаттык сактоо министрлиги, Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору, Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы, Кыргыз мамлекеттик медициналык кадрларды кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу институту, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр жана башка кызыктар тараптар менен биргеликте иш алып барууда.

**- Бул компоненттин алкагында жакшы иш-чаралар жасалган экен. Ушул иштердин жүрүшүндө кандай көйгөйлөргө туш болдуңуздар?**

- Албетте, бардык нерсе оңой-олтоң ишке ашырылган жок. Баса белгилеп кетүүчү нерсе, “Эрте курактагы балдарды (эки жашка чейинки) тамактандыруу” деген темадагы семинарларда тамактануу боюнча кийинки көйгөйлөр аныкталган: 6 айга чейинки балдарды жалаң гана эмчек эмизүү менен багуусунун төмөндүгү, кошумча тамактанууну эрте же кеч берүү. Кээ бир учурда энелер 6 айга чейинки балдарга кант кошулган накта уйдун сүтүн бере башташат. Бутылканы эне сүтүнө кошумча суюктук берүүдө жана кошумча тамакты берүүдө колдонуу. Мындай учурда, биринчиден жугуштуу оорулар көбөйөт, экинчиден балага кошумча тамак суюк түрүндө берилсе, кубаттуулугу аз болуп калат. Ошондой эле, упчуну колдонуу жаактын, тиштин өнүгүүсүнүн бузулушуна, жугуштуу оорулардын өөрчүшүнө алып келет, мындай көрүнүш дагы эле кездешет. Кошумча тамактанууну кеч киргизүү - кеңири кездешкен тамактануу практикасы, келечекте баланын физикалык өнүгүүсүнө таасир этет жана кийин салмактын жетишпестигине, аз кандуулукка, кыска бойлуулукка жана баланын ооруп калуусуна алып келет. Жалаң эле балдардын тамактануусунда гана эмес, үй-бүлөнүн дагы тамактануусунда ар түрдүүлүктүн жоктугу, өзгөчө минералдык заттарга, витаминдерге бай, жашылча-жемиштердин, жашыл жалбырактуулардын пайдалануусунун чектелгендиги байкалат.

Натыйжада, балдардын жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн саламаттыгы жакшы көрүнгөнү менен “жашыруун” ачкачылыкта болуусу мүмкүн. Толук баалуу тамактануунда колду таза жуу эрежелеринин маанилүүлүгүнө маани берилбегендиктен, биздин балдарыбыздын гигиеналык жөндөмдөрү өөрчүтүлбөй калат. Өспүрүм кыздарга толук баалуу тамактануу боюнча кеңеш берген учурда, алар эртең менен тамактанбайт, сабак учурунда “алгылыксыз” (туура эмес) шам-шум колдонушат (конфеттер, печенье, таттуу газдалган суусундуктар), трансмайлары көп, бат өздөштүрүлүүчү углеводдору бар азыктарды колдонушат. Ошондой эле, ата-энелер жактан толук баалуу тамактануу боюнча колдоо азыраак болууда. Кош бойлуу учурда кошумча бир жолку, эмчек эмизген учурда эки жолку тамактануну киргизүү жөнүндө баарыбыз билишибиз жана колдонушубуз керек.

Долбоор жогоруда белгилеп кеткен көйгөйлөрдү алдын алуу үчүн видеороликтерди чыгарып, облустук жана жергиликтүү деңгээлде кабарларды жана маалыматтарды чагылдырып, маалыматтык порталдарында жайгаштырууда. Ошондой эле, долбоордун Facebook сыяктуу социалдык баракчасында материалдарды жайгаштыруу менен коомчулуктун көңүлүн тамактануу көйгөйлөрүнө буруу иретинде иш-чараларды өткөрдү. Улуттук КТРК каналында эне сүтү менен эмизүү, эки жашка чейинки балдардын тамактануусу, азыктарды үй шартында коопсуз сактоо жана башка темалар боюнча роликтер көрсөтүлдү.

Ал эми компоненттин алкагында өспүрүм кыздарга, кош бойлуу аялдарга аз кандуулукту алдын алуу үчүн темир фолий кычкылын камтыган дарыны, 6-24 айдагы балдарга темир камтыган витаминдик-минералдык комплексти сатып алуу боюнча иш алып барылууда.

Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылдардагы Азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча мамлекеттик программасы Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-июнундагы №320 токтому менен бекитилген.

Долбоор Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылдардагы Азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча мамлекеттик программасын колдоо максатында Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги менен биргеликте “Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу” аттуу документалдуу тасмасын тартууга көмөктөшкөн. Учурда министрлик документалдуу тасманы коомдук телеканал аркылуу көргөзүү боюнча иш алып барууда.

Андан сырткары, долбоордун алкагында Кыргыз Республикасынын Азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу жана Кыргыз Республикасынын айыл чарба продукциясын экспорттоо жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча 2 форум өткөрүлдү.

Форумдун жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги менен Москва шаарындагы М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин алдындагы Евразиялык азык-түлүк коопсуздугу борбору ортосунда биргелешип кызматташуу тууралуу меморандумга кол коюлган.

**- Көп жакшы иштер жасалган экен. 2020-жылга кандай максаттарды алдыга койдуңуздар?**

- Мамлекет башчыбыз 2020-жылды "Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы" деп жарыялады. Ошого байланыштуу, долбоор өлкө боюнча 60 айылдык аймакта жергиликтүү деңгээлде ар тараптуу иш-чараларды уюштуруп, калктын, өзгөчө балдардын, өспүрүм кыздардын жана энелердин ден соолугуна жана тамактануусуна көңүл бурмакчы. Андан сырткары, долбоор максаттуу бенефициарлары болгон суу пайдалануучулар ассоциациялары-фермерлер жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен тыгыз иш алып бармакчы.

**- Маанилүү маегиңизге чоң ыракмат. Ишиңиздерге ийгилик каалайбыз!**

**Мамат ӨСӨРОВ**

## Виктор Борисов

Кыргыз спорту чоң жоготууга дуушар болду.

2020-жылдын 22-январында 83 жаш курагында Кыргыз Республикасынын жеңил атлетика боюнча улуттук курама командасынын ага машыктыруучусу Виктор Борисов көз жумду.

Виктор Борисов 1937-жылы Кыргыз ССРинин Жалал-Абад облусунун Караван районунун Караван айылында төрөлгөн.

1956-жылы Фрунзе шаарындагы №4 орто мектепти аяктаган. 1960-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт институтун аяктагандан кийин Виктор Федорович эмгек жолун «Спартак» Республикалык ЫСК Кеңешинин ага инструктору болуп баштаган.

1963-1969-жылдары жеңил атлетика боюнча машыктыруучу, 1971-1976-жылдары жогорку чебер мектебинде жеңил атлетика боюнча Кыргыз ССРинин курама командасынын ага машыктыруучусу болуп эмгектенген.

Бир нече жыл СССРдин Спорткомитетинин марафон дистанциясында чуркоо боюнча (эркектер, аялдар) башкы машыктыруучу катары Бүткүл союздук дене тарбия боюнча илимий-изилдөө институту менен бирге Советтик спортчуларды 1980-1984-жылдардагы Олимп оюндарына даярдоо программасын иштеп чыгууга катышкан.

2001-жылдан 2005-жылга чейин Кыргыз Республикасынын жеңил атлетика федерациясын жетектеген.

2005-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын жеңил атлетика боюнча улуттук курама командасынын ага машыктыруучусу болуп эмгектенген.

Машыктыруучу эмгек жолунда 400 метр аралыкка 4х400 эстафетага чуркоодо 1972-жылы Мюнхен шаарында (Германия) өткөн жайкы Олимпиада оюндарынын катышуучусу Валентина Чичаеваны, 1980-жылы Москва шаарында өткөн XXII жайкы Олимпиада оюндарында марафонго чуркоодо коло байгенин ээси Сатымкул Жуманазаровду, 1986-жылы өткөн «Ак ниеттүүлүк» оюндарынын күмүш байгесинин, 1989-жылы Дуйсбург шаарында (Германия) өткөн бүткүл дүйнөлүк студенттик Универсиадасында марафонго чуркоодо жеңүүчү, үч (1996,2000,2004-ж.ж.) жайкы Олимпиада оюндарынын катышуучусу Ирина Богачеваны, эки жолку Азия чемпионатынын жеңүүчүсү, Азия оюндарынын чемпиону, 2004-жылкы жайкы Олимпиада оюндарынын катышуучусу Татьяна Борисованы, Азия чемпионаттарынын бир нече жолку чемпиону, 2017-жылдын бүткүл дүйнөлүк студенттик Универсиадасынын, 2018-жылдын Азия оюндарынын жеңүүчүсү жана күмүш байгесинин ээси, 2016-жылдын Олимпиадалык оюндарынын катышуучусу, эл аралык марафондордун жеңүүчүсү Дарья Маслованы, 2016-жылдын Олимпиадалык оюндарынын катышуучусу, эл аралык мелдештердин жеңүүчүсү Виктория Полюдинаны тарбиялаган.

Алардын арасында, Кыргыз Республикасынын 3 эмгек сиңирген спорт чебери, 13 эл аралык даражадагы спорт чебери, СССРдин жана Кыргызстандын 20 спорт чебери бар.

1973-жылы Виктор Борисовго «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыруучусу» наамы ыйгарылган. Ошондой эле СССР жана Кыргызстандагы спортту өнүктүрүүгө кошкон чоң салымы үчүн «СССРдеги дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн» Ардак грамотасы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланып, 1997-жылы ага «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы ыйгарылган. 2017-жылы Виктор Борисов III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган.

Виктор Борисовдун жаркын элеси дайыма биздин жүрөгүбүздө сакталып калат.

Маркумдун туугандарына жана жакындарына көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

**С.Ш.Жээнбеков, Д.А.Жумабеков, М.Д.Абылгазиев, Г.У.Калиева, М.И.Бакиров, А.К.Касымалиева, К.А.Боронов, Ж.П.Разаков, А.С.Өмүрбекова, З.М.Аскаров, Д.А.Эсеналиев, С.А.Кылжыев, С.К.Ибраев, Г.С.Молдобекова, М.Б.Эгембердиев, Т.И.Икрамов, У.Т.Кыдыралиев, Т.А.Масабиров, К.К.Исаев, А.Т.Абжалиев, К.С.Чолпонбаев, К.Б.Базарбаев, К.М.Аманкулов, Н.А.Бардинова, К.М.Арпачиев, А.Э.Суракматов, К.О.Осмоналиев, М.А.Акеров, И.З.Щербаков, В.И.Бубнова, Р.А.Алканов, Б.Кадыркулов.**

*Маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаты Кааба уулу Кожомкул атындагы спорт ордосунда* ***2020-жылдын 24-январында саат 10.00дө*** *өтөт. Маркумдун сөөгү Бишкек шаарынын Түндүк көрүстөнүнө коюлат.*

## ЭЛЕКТРОНДУК КОЛТАМГАНЫ ПАЙДАЛАНУУГА БАЙЛАНЫШКАН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

«Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

Электрондук колтамганы текшерүү ачкычынын квалификацияланган сертификаттарынын реестрлерин жана башка маалыматты түзүү, жүргүзүү жана ыйгарым укуктуу органга берүү, ошондой эле мындай реестрлерден маалыматтарды берүү тартиби, 1-тиркемеге ылайык;

Күбөлөндүрүүчү борборлорду аккредиттөө эрежелери, 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети алты айлык мөөнөттө төмөнкүлөрдү иштеп чыгышсын жана биргелешкен буйрук менен бекитишсин:

- квалификацияланган сертификаттардын формасына карата талаптар;
- электрондук колтамга каражаттарына жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарына карата талаптар;
- электрондук колтамга каражаттарынын жана күбөлөндүрүүчү борбордун каражаттарынын «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык белгиленген талаптарга шайкештигин ырастоо тууралуу жобонун долбоору.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 21-июлундагы №411 «Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин жактыруу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмеси:

- төмөнкүдөй мазмундагы 13-пункт менен толукталсын:

«13. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети».

**4.** Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жиберилсин.

**5.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 10-ноябрындагы №1057- VI токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени кароо суралсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетинин төрагасы ушул токтомдун 5-пунктунда аталган маселе каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

**7.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын санариптик трансформациялоо бөлүмүнө жүктөлсүн.

**8.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр М.АБЫЛГАЗИЕВ**

***Бишкек ш., 2019-жылдын 31-декабры, №742***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 23-ИЮЛУНДАГЫ №517 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИШ КАГАЗДАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ТИПТҮҮ НУСКАМА ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-февралындагы №20-б буйругу менен бекитилген «Санариптик Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча «Жол картанын» 8-пунктунун 8.2-пунктчасын аткаруу үчүн, «Электрондук колтамга жөнүндө» жана «Электрондук башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү максатында, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-июлундагы №517 «Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамада:

1) 3-пунктунда:

- биринчи абзацындагы «автоматташтырылган маалыматтык технологиялардын» деген сөздөр «электрондук документ жүгүртүүнүн бирдиктүү системасынын (мындан ары - ЭДЖБС) деген сөздөр менен алмаштырылсын»;
- экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;
- үчүнчү абзацы «атайын нускамаларга» деген сөздөрдөн кийин «жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына» деген сөздөр менен толукталсын;

2) 13-пунктундагы «санариптик» деген сөз алып салынсын;

3) 14-пунктунда:

- 20-пунктчасынын төртүнчү сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Документтерге ошондой эле «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык электрондук колтамга коюлат.»;

- 21-пунктчасынын алтынчы абзацындагы «санариптик» деген сөз алып салынсын;

4) 81-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«81. Электрондук документтер ЭДЖБСда түзүлөт, иштелип чыгат жана сакталат. Эсепке алуу бирдиги болуп ЭДЖБСда катталган электрондук документ саналат.»;

5) 82-пунктунун экинчи сүйлөмү алып салынсын;

6) 83-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

7) 84-пунктунда:

- биринчи абзацындагы «санариптик» деген сөздөр алып салынсын;
- экинчи абзацында:

«электрондук документ жүгүртүү системасында» деген сөздөр «ЭДЖБСда» деген аббревиатура менен алмаштырылсын; «санариптик» деген сөз алып салынсын;

8) 85-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«85. Аткарылган электрондук документтер ЭДЖБС иштеринин бирдиктүү типтүү номенклатурасына ылайык иштерге системалаштырылат. Иштердин номенклатурасын түзүүдө алар электрондук түрдө түзүлүп жаткандыгы белгиленет.

Электрондук документтер аткарылгандан кийин белгиленген тартипте газ түрүндөгү ушул сыяктуу документтер үчүн каралган мөөнөттүн ичинде сакталууга тийиш. Электрондук иштерди (электрондук документтерди) сактоо үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин аларды жок кылуу үчүн бөлүү жөнүндө мекеменин жетекчиси бекиткен актынын негизинде аталган электрондук иштер (электрондук документтер) башкаруу документтеринин сактоо мөөнөттөрү көрсөтүлгөн тизмесине ылайык автоматташтырылган режимде жок кылынат.»;

9) төмөнкүдөй мазмундагы 86-96-пункттар менен толукталсын:

«86. Электрондук колтамганы текшерүү (мындан ары - электрондук колтамганын аныктыгын текшерүүнүн оң натыйжасы) жол-жоболору өткөрүлгөндөн кийин электрондук колтамга каражаттарын пайдалануу менен электрондук колтамганын тууралыгын ырастоо (аныктоо) алынган учурда электрондук документ автоматташтырылган режимде алгачкы иштеп чыгууга жатат.

87. ЭДЖБСда электрондук документти алгачкы иштеп чыгуу автоматташтырылган режимде ишке ашырылат жана электрондук документтин бардык реквизиттерин текшерүүнү камтыйт.

88. Электрондук документтин бардык реквизиттерин жана бүтүндүгүн автоматташтырылган режимде текшерүү аяктагандан кийин иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкери электрондук документти каттайт, андан кийин электрондук документке ЭДЖБСда автоматташтырылган режимде кириш каттоо номери ыйгарылат.

89. Электрондук документтерди системалаштыруу жана эсепке алуу үчүн кириш каттоо номерин ыйгарууда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан бекитилген Башкаруу органдарынын мамлекеттик классификатору пайдаланылат.

90. Электрондук документке ЭДЖБСда кириш каттоо номери ыйгарылгандан кийин автоматташтырылган режимде электрондук документтин кириш каттоо номерин, каттоо датасын, чыгыш каттоо номерин көрсөтүү менен маалыматты жиберүүчү (аткаруучу/лар жана электрондук документке кол койгон адам) жөнүндө белги коюлат.

91.Эгерде ЭДЖБСде автоматташтырылган режимде ушул Типтүү нускаманын 90-пунктунда каралган маалыматтар көрсөтүлбөсө электрондук документ алынбай калган болуп эсептелет.

92. Электрондук документти жөнөтүү алдында автоматташтырылган режимде анын туура таризделгендиги (электрондук документте милдеттүү реквизиттердин болуусу) текшерилет, анын ичинде электрондук колтамганы текшерүү жол-жоболору жүргүзүлөт.

Эгерде автоматтык режимде текшерүү жол-жобосунун жүрүшүндө электрондук колтамганын дал келбестиги аныкталса, электрондук документ жиберилбейт.

93. ЭДЖБСда электрондук документтерди эсепке алууну жүргүзүү жана аткарууну контролдоо тийиштүү түстөгү маркалоосу менен аткаруучуларга эскертүү жиберүү аркылуу автоматташтырылган режимде жүзөгө ашырылат.

94. ЭДЖБСда электрондук документтерди аткаруу мөөнөтү газ жүзүндөгү документтерди аткаруу мөөнөттөрүнө дал келет.

95. Убактылуу сактоо мөөнөтүндөгү электрондук документтер алар түзүлгөн, жөнөтүлгөн же алынган форматта (салынган файлдарга тийиштүү), тиешелүү электрондук документтердеги бир убакта түзүлгөн электрондук колтамганы сактоону камсыз кылуу менен сакталат.

Иштердин номенклатурасында 10 жылдан ашык сактоо мөөнөтү (анын ичинде туруктуу сактоо мөөнөтү) каралган электрондук документтерге кол коюу алдында мамлекеттик архив мекемелери электрондук документтин жалпы бөлүгүн (анын ичинде бардык тиркемелерди) Portable Document Format (PDF/A 1 же PDF/A2) форматына өзгөртөт.

96. Электрондук документти аткаруу датасы болуп электрондук документке электрондук колтамга коюлган күн эсептелет.»;

10) Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын 3-тиркемесинде:

- 20-пунктундагы «цифралык» деген сөз алып салынсын.

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр М.АБЫЛГАЗИЕВ**

***Бишкек ш., 2019-жылдын 31-декабры, №743***

# Бишкекское городское управление Агентство автомобильного, водного транспорта и весогабаритного контроля при Министерстве транспорта и дорог Кыргызской Республики

**ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ОРГАНИЗАЦИЮ ПАССАЖИРСКИХ ПЕРЕВОЗОК АВТОМОБИЛЬНЫМ ТРАНСПОРТОМ НА МАРШРУТАХ:**

| № п/п | Номер лота | Номер и наименование маршрута | Время отправления автобусов | Место отправки автобусов | Потребное количество автобусов |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | V | VI | VII |
| 1 | 51 | №587 «Бишкек – Тюп» | 8.00, 9.40, 10.40, 14.00, 15.15, 17.40 | ГП «Кыргыз автобекети» | 8 |
| | | | Обратно на следующий день 8.00, 9.40, 10.40, 14.00, 15.15, 17.40 | Автокасса ОсОО «Тюп-Каркыра такси» | |
| 2 | 52 | №566 «Бишкек – Базар-Коргон ч/з перевал Төө-Ашуу (сезонный)» | 9.00, 11.00 | ГП «Кыргыз автобекети» | 4 |
| | | | Обратно на следующий день 8.00, 10.00 | Автобекет «Базар-Коргон» | |
| 3 | 53 | №576 «Бишкек – Кызыл-Жар ч/з перевал Төө-Ашуу (сезонный)» | 11.30 | ГП «Кыргыз автобекети» | 2 |
| | | | Обратно на следующий день 7.00 | Автокасса «Кызыл-Жар» | |
| 4 | 54 | №529 «Бишкек – Көк-Сай (ч/з Тараз)» | 8.30 | ГП «Кыргыз автобекети» | 2 |
| | | | Обратно на следующий день 6.20 | Автокасса «Көк-Сай» | |
| 5 | 55 | №587/А «Бишкек – Тюп» | 13.00 | филиал «Чыгыш автобекети» | 2 |
| | | | Обратно на следующий день 11.40 | Автокасса ОсОО «Тюп-Каркыра такси» | |

В конкурсе могут принять участие любые юридические или физические лица, зарегистрированные как субъекты предпринимательской деятельности, имеющие соответствующие лицензии.

Участники конкурса могут получить конкурсные документы по адресу: **Кыргызская Республика г.Бишкек, ул.Чуйкова №149, тел.: (0312) 45-59-18.**

Заявка и конкурсные документы принимаются с **24 января 2020 года по 22 февраля 2020 года до 18.00 часов** по адресу: **Кыргызская Республика г.Бишкек, ул. Чуйкова №149, БГУ ААВТиВК МТД КР.**

Конкурс проводится **25 февраля 2020 года в 10.00 часов** по адресу: **Кыргызская Республика г.Бишкек, ул.Чуйкова №149, БГУ ААВТиВК МТД КР.**

**Конкурсная комиссия**

С-667

# ДЕПАРТАМЕНТ ГОРОДСКОГО ХОЗЯЙСТВА МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК

**ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС**
**на замещение вакантных административных муниципальных должностей**

| | Младшая должность |
|---|---|
| 1. | Специалист отдела дорожного хозяйства – 1 ед. |

**ОБЩИЕ КВАЛИФИКАЦИОННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ ОБЯЗАТЕЛЬНЫЕ:**

1. **ЗНАНИЕ:**
- общего законодательства Кыргызской Республики для младших административных муниципальных должностей:
  Конституции Кыргызской Республики, Закона Кыргызской Республики «О государственной гражданской службе и муниципальной службе», «Кодекс этики государственных и муниципальных служащих Кыргызской Республики» утвержденный постановлением Совета по государственной гражданской службе и муниципальной службе от 19 августа 2016 г. №43.
2. Владение компьютерной грамотностью и оргтехникой, необходимыми программными продуктами.
3. Владение государственным и официальным языками в объеме, необходимом для исполнения должностных обязанностей.
4. Навыки составления аналитических документов, аналитические способности.
5. Умение работать в команде, инициативность, ответственность.

**ДЛЯ УЧАСТИЯ В КОНКУРСЕ НЕОБХОДИМО ПРЕДСТАВИТЬ СЛЕДУЮЩИЕ ДОКУМЕНТЫ:**

1. Личное заявление с указанием вакансий;
2. Листок по учету кадров с фотографией;
3. Резюме;
4. Автобиография;
5. Рекомендации (желательно);
6. Документы, подтверждающие необходимое профессиональное образование, стаж работы и квалификацию (копию трудовой книжки, копии документов об образовании, о повышении квалификации, присвоении ученой степени и ученого звания, заверенные нотариально или службами управления персоналом по месту работы);
7. Копию паспорта или документа, удостоверяющего личность, (оригинал паспорта или документа, удостоверяющего личность, предъявляется по прибытии на конкурс);
8. Граждане, представившие документы и сведения, не отвечающие установленным требованиям, к участию в конкурсе не допускаются.

Конкурсанты должны представить документы в отдел кадров Департамента городского хозяйства мэрии города Бишкек **с 24 января по 6 февраля 2020 года** по адресу: **ул.Байтик Баатыра, 17 (здание Октябрьской райадминистрации) 2 этаж, 22 каб.**

**Справки по телефонам: 51-16-98, 51-18-61.**

**ПРИМЕЧАНИЕ:**
*Для дальнейшего участия в конкурсе будут приглашены только те претенденты, документы которых соответствуют к предъявленным требованиям. Контактные данные и адрес должны быть указаны точно.*

**Дополнительная информация размещены на сайтах: мэрии г.Бишкек - http://meria.kg Государственной кадровой службы КР - http://www.mkk.gov.kg**

С-665

## Ош областынын Алай райондук САКБ

кыймылсыз мүлккө эл алдында экинчи жолку ачык формада аукцион жарыялайт.

**Ош областынын Алай райондук САКБсы, Ош областынын Алай районунун Жошолу айыл өкмөтүнүн Коммунизм айылында жайгашкан жалпы аянты 173,32 кв.м., жашоо аянты 132,92 кв.м., 4394 ч.м. жер аянтына жайгашкан, Айдаров Азизбек Исмаиловичке таандык күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлккө эл алдында ачык формада аукцион жарыялайт. Идент. коду: 5-01-05-1003-0166.**

***Баштапкы сатык баасын 1 767 000 (бир миллион жети жүз алтымыш жети миң) сом.***

Аукционго катышууну каалоочулар, катышууга арыз берүүгө жана аукционго алардын катышуусуна тоскоолдуктар жогу жөнүндө тил кат берүүсү керек; (аукционго катышууга арыздарды кабыл алуусу аукцион башталганга чейин бир күн мурда бүтөт.) Ошондой эле, аукционго катышуучулар мүлктүн баштапкы наркынын 5 пайызы өлчөмүндө Алай райондук сот аткаруучулардын аймактык бөлүмүнүн депозиттик эсебине төмөндөгү реквизитке: э/счет **4407052100000124**, ИНН: **00101199510034**, БИК: **440001**, төлөм коду: **14511900**, Алай РОК, шертпул төлөөсү керек.

Соода-сатык (аукцион) кыймылсыз мүлк жайгашкан дарек боюнча, Ош областынын Алай районунун Жошолу айыл өкмөтүнүн Коммунизм айылында **2020-жылдын 2-март күнү саат 14.00дө** болуп өтүүсү дайындалсын.

Аукциондо утуп алган катышуучу жети күндөн кечиктирбестен аукциондун башталышынын алдында төгүлгөн шертпулдун суммасын кошуу менен мүлктүн сатып алынган наркын толук төлөөгө милдеттүү.

Соода-сатык (аукцион) уюштуруучу: сот аткаруучу: Ысмайыл уулу К. Бардык суроолор боюнча: **(03234) 5-11-56, (0773) 07-33-07, (0550) 19-07-07** телефондоруна же төмөндөгү адрес боюнча: **Ош областынын Алай районунун Гүлчө айылы, Алымбек-Датка көчөсү №1 кайрылсаңыздар болот.**

С-669

# «АЛЬФА ТЕЛЕКОМ» ЖАК

(соода белгиси MegaCom)

***04.02.2020-ж. тарта, аракеттеги жана жаңы абоненттер үчүн «Бактылуу сааттар» тарифтик опциясына кошулуу жабыла тургандыгын маалымдайт.***

# ПССИ ПО ЭКОНОМИЧЕСКИМ ДЕЛАМ г.БИШКЕК

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ В ФОРМЕ ОТКРЫТОГО АУКЦИОНА

**на кирпичи полублоки в количестве 3 320 (три тысячи триста двадцать) штук, принадлежащие Ос00 «Новострой Сервис», находящиеся на территории ЗАО «Альфа Телеком».**

***Стартовая стоимость 15 140 (пятнадцать тысяч сто сорок) сом.***

Торги состоятся **27.02.2020 г. в 10.00 часов** в ПССИ по экономическим делам г.Бишкек по адресу: **г.Бишкек, пр.Чуй, каб.414.**

Для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной цены на депозитный счет ПССИ по экономическим делам г.Бишкек, прием заявок на участие в аукционе судебному исполнителю заканчивается за один день до начала аукциона.

Организатор торгов судебный исполнитель Сарымсаков Э.У.

**Справки по тел.: (0312) 90-19-55, 90-19-56, (0552/700) 92-82-06.**

## Подразделение службы судебных исполнителей

объявляет публичные торги на -на недвижимое имущество:

**находящийся по адресу: г.Токмок, ул.Дзержинского, 42, жилой дом с земельным участком мерою - 595,0 кв.м., полезной площадью - 41,8 кв.м., жилой площадью - 35,9 кв. м., принадлежавшей Щербаевой Чинаре Конойевне.**

***Стартовая продажная цена 560 000 (пятьсот шестьдесят тысяч) сомов.***

Торги состоятся **26 февраля 2020 года в 14.00 часов** по месту расположения имущества. Желающим принять участие в торгах за 1 день до торгов необходимо внести гарантийный взнос - **5%** от начальной стартовой стоимости на расчетный счет ПССИ г.Токмок, «РСК Банк» Токмокский Филиал БИК **129012**, депозитный счет **4403092100000155.**

С-668

**Организатор торгов ПССИ города Токмок. ул.Ленина, 377, 11 каб. (03131) 6-29-73, 6-29-87 Судебный исполнитель Чалбаев Ч.Ч.**

# «АЙЫЛ БАНК» ААКнын

***финансылык-чарбалык ишмердигине тиешелүү олуттуу фактылар туурасындагы маалымат.***

**2020-жылдын 20-январындагы 3/10** «Айыл Банк» ААКнын директорлор кеңешинин токтомунун негизинде **Байысов Акылбек Кайырбекович 2020-жылдын 22-январынан** баштап "Айыл Банк" ААКнын башкармалыктын төрагасынын орун басары, башкармалыктын мүчөсү болуп шайланды.

С-670

***Информация о существенном факте, затрагивающем финансово-хозяйственную деятельность.***

# ОАО «АЙЫЛ БАНК»

На основании постановления Совета директоров ОАО «Айыл Банк» от **20 января 2020 года №3/10 Байысов Акылбек Кайырбекович** избран членом Правления, Заместителем председателя Правления ОАО «Айыл Банк» с **22 января 2020 года** сроком на 1 (один) год.

Ош обл., Ноокат районунун Кара-Таш айыл өкмөтүнүн тургуну Имаралиев Нурмухаммад Нуриллоевич (ОКПО 30623135, ИНН 20208199700060)

***жеке ишмердүүлүгүн токтотондугун билдирет.***

Дареги: **Ноокат району, Кара-Таш айыл өкмөтү**

П/П-835

***Кербен шаарынын тургуну Сейдалиев Бекнур Алтынбековичке таандык Ч №359217 мам. акты, турак жайдын тех. паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-770

***Ош обл., Ноокат районунун Мирмахмудов атындагы айыл аймагынын тургуну Сайназаров Хабибулло Эркинжановичтин жеке ишмердүүлүк күбөлүгү (ОКПО 23109521, ИНН 21408197500597) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Дареги: Ноокат р-ну, Мирмахмудов а/а.***

П/П-568

ЖАРЫЯ!

## КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАР ДИН БАШКАРМАЛЫГЫ

**2020-жылдагы Сауд Араб Падышалыгына болгон ажылык сапарына ажыларды жеткирүү үчүн Кыргыз Республикасынын жана Сауд Араб Падышалыгынын улуттук авиакомпаниялары ортосунда өтүүчү конкурска тиешелүү иш кагаздарды кабыл алуу мөөнөтү 2020-жылдын 30-январы саат 17.00гө чейин узартылгандыгын жарыялайт.**

Конкурска катыша турган авиакомпанияларга коюлган талаптар тууралуу кененирээк маалымат алуу үчүн Муфтияттын төмөнкү адресине кайрылса болот.

**Бишкек ш., Гогол көч., 57 (Москва көчөсүнүн кесилишинде).**
**уюлдук тел.: (0778) 90-06-01**
**тел/факс: (0312) 48-61-67**
**э-почта: muftiyat.hajj@mail.ru**

| | |
|---|---|
| Конкурс өтө турган күн: | **31-январь, 2020-ж. саат 11.00** |
| Жайы: | **Муфтияттын жыйындар залы.** |
| Документтерди кабыл алуу: | **2020-жылдын 30-январы саат 17.00гө чейин.** |
| Жыйынтыкты жарыялоо күнү: | **01.02.2020** |

- Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген арыздар кабыл алынбайт.

**КМДБнын**
**Ажы-Умра жана Эл аралык байланыштар бөлүмү**

Н-64

## ПССИ СВЕРДЛОВСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
на заложенное имущество:

**квартиру, общей площадью – 61,4 кв.м., жилой площадью – 40,9 кв.м., расположенный по адресу: г. Бишкек, улица Гоголя, д. 20, кв. 85, принадлежащий на праве собственности Юсопжон уулу Тынчтыкбеку.**

Первичные публичные торги на вышеуказанную заложенную квартиру состоятся **28 февраля 2020 г. в 10.00 часов** по адресу: **г. Бишкек, улица Гоголя, д. 20, кв. 85,** с начальной (стартовой) продажной ценой **2 554 308 (два миллиона пятьсот пятьдесят четыре тысячи триста восемь) сом 24 тыйын**.

Лицам, желающим принять участие в торгах необходимо внести **5%** от стоимости вышеуказанного имущества за день до начала торгов на депозитный счет ПССИ Свердловского района г. Бишкек Центральное казначейство Министерство Финансов КР БИК **440001**, р\с **4402042100000489**, код платежа **14511900**.

С-664

## Подразделение службы судебных исполнителей Свердловского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ НА ИМУЩЕСТВО:

**- квартиру по адресу: г. Бишкек, мкр. Восток-5, дом 10/2, кв., 39 принадлежащего должнику Эргешовой Гульназ Эрмековне, (17.01.1976 г.р.) на праве собственности. Установлена начальная (стартовая) продажная стоимость в размере 1 914 920 сомов.**

Торги состоятся **26.02.2020 года в 10.00 часов**, по адресу: **г. Бишкек, мкр. Восток-5, дом 10/2, кв., 39**

Лицам, желающим принять участие в торгах необходимо оплатить **5%** на депозитный счет ПССИ Свердловского района г. Бишкек р/с **4402042100000489**, БИК - **440001**, Код платежа - **14511900** и обратиться с заявлением В ПССИ Свердловского района г. Бишкек.

С-664

## Судебный исполнитель Подразделения службы судебных исполнителей (далее ПССИ) Ленинского района г.Бишкек Сабитова Л.М.

ОБЪЯВЛЯЕТ ТОРГИ

**на 1\2 часть домостроения, расположенного по адресу: г.Бишкек ул.Гагарина д.144, идентификационный код 1010500330021, принадлежащий на праве собственности Губанову Константину Сергеевичу - дом общей полезной площадью - 89,3 кв.м., на земельном участке мерою - 752,0 кв.м.**

Торги состоятся **3 марта 2020 г. в 10.00 часов** по месту нахождения имущества.

***Начальная (стартовая) цена 951 000 сом (девятьсот пятьдесят одна тысяча сом).***

Для участия в аукционе необходимо внести **5%** от стартовой цены - 47 550 сом - гарантийного взноса зачислив данную сумму ОАО «РСК Банк» Центральное казначейство, БИК **440001**, код **14238900**, лицевой счет ПССИ Ленинского р-на г.Бишкек **4402052100000877** (по адресу: **г.Бишкек, пр-т Молодой Гвардии, 38 А**).

Прием заявок на участие в торгах заканчивается за один день до начала аукциона.

**За информацией обращаться в ПССИ Ленинского р-на г.Бишкек по месту нахождения ПССИ, тел.: (0312) 34-20-73, (0553) 09-12-67, (0505) 09-12-67.** Н-65

## ОАО ТД «МИН ТУРКУН»

***Сообщает, что с 30 января 2020 г. производит выплаты доходов по именным процентным облигациям (19 октября 2018 года Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Правительстве КР внесена запись в Единой государственный реестр ценных бумаг в Кыргызской Республике о выпуске четвертой эмиссии облигаций,)***

Выплата доходов по именным процентным облигациям будет осуществляться в период с **30 января 2020 г. по 14 февраля 2020 г.**

- Размер дохода на одну ценную бумагу **-17% годовых;**
- Дата, по состоянию на которую определяется список владельцев ценных бумаг, имеющих право на получение дохода по ценным бумагам: **27 января 2020 г;**
- Номинальная стоимость облигации - **1000 сом;**
- Выплата процентов будет осуществляться денежными средствами в офисе Финансовой компании «СЕНТИ», адрес: **г.Бишкек, пр. Чуй №219, 9-й этаж.**
- Получить дополнительную информацию Вы можете в офисе ФК «СЕНТИ» по адресу: **г.Бишкек, пр.Чуй №219, 9-й этаж.**

**Тел.: (0559) 61-00-25, 61-45-89, www.senti.kg** С-666

## ПССИ Панфиловского района Чуйской области

объявляет публичные торги в форме открытого аукциона на следующее заложенное недвижимое имущество:

**- нежилое помещение «Зерноток», расположенное на земельном участке мерою 1,3 га, идентификационный код 7-07-06-0494-0001 находящегося по адресу: Панфиловский район, с. Панфиловское, ул. Зерноток принадлежащий на праве частной собственности залогодателю Чоконову Сасману Зоотбековичу на основании договора купли продажи №2011-7089 т 07.12.2011 г., путем продажи с публичных торгов в форме открытого аукциона, со стартовой стоимости 2 093 400 (два миллиона девяносто три тысячи четыреста) сомов. Для участия на аукционе необходимо внести гарантийный взнос в размере 5% от стартовой суммы до начала проведения торгов на депозитный счет ПССИ Панфиловского района: р/счет 4403082100000171, Панфиловский РОК, ИНН 00405199510158, БИК 440001, Каиндинский филиал ОАО "РСК -Банк".**

Участник аукциона должен в течение 5 дней внести сумму, за которую им куплено имущество, с зачетом суммы, внесенной им перед началом аукциона. Аукцион состоится **26 февраля 2020 года в 10.00 часов** по месту нахождения реализуемого имущества.

